Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
26-сентябры

№73 (3729)

www.erkin-too.kg



# БУУ менен кызматташтык талкууланды

***Узап бараткан аптада дүйнө лидерлери БУУнун Башкы ассамблеясынын 80-сессиясына катышуу үчүн Нью-Йоркко чогулушту. Андагы сессиянын жүрүшүндө Президент Садыр Жапаров Нью-Йорк шаарында Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы Антониу Гутерриш менен жолугушту.***

Гутерриш Кыргызстандын тездик менен өнүгүп жатканын жана өлкөнүн Борбор Азияда тынчтыкты жана туруктуулукту камсыз кылуудагы ролун өзгөчө белгиледи. Мамлекет Башчысы Садыр Жапаров Кыргызстан БУУнун толук мүчөсү катары уставда бекитилген баалуулуктарга жана максаттарга берилгендигин, климаттын өзгөрүшү, жакырчылык, жаңжалдар жана теңсиздик сыяктуу учурдун актуалдуу көйгөйлөрүн чечүүдө дүйнөлүк коомчулук менен тыгыз кызматташууга умтуларын билдирди. Жапаров Гутерришти 2026-жылдын күзүндө Бишкекте Кыргызстандын ШКУга төрагалыгынын алкагында өтө турган “ШКУ+” саммитине катышууга чакырды. Башкы катчы ыкыруу үчүн ыраазычылык айтып, аталган иш-чарага катышууга даяр экенин билдирди.

## Эл өкүлдөрү тарыхый чечим кабыл алыштыбы?

***Жогорку Кеңештин өзүн-өзү таркатуусу – тарыхый учур. Бул тууралуу парламенттин Төрагасы Нурланбек Тургунбек уулу билдирди.***



Төраганын айтымында, Кыргыз парламентинин тарыхында өзүн-өзү таркатуу болгон эмес. “Парламенттен башка эч кимде эл өкүлдөрүн таратуу тууралуу чечим кабыл алууга укугу жок. Бул парламенттин өзүнүн чечими. Мен Жогорку Кеңештин Төрагасы катары аталган токтомдун демилгечиси болгон 32 депутатка жана бардык депутаттарга, бул долбоорду колдогондорго ыраазычылык билдиргим келет. Алар элдин бакубаттуулугун, саясий кырдаалдын туруктуулугун жана өлкөнүн тынчтыгын биринчи орунга коюшту. 4 жылда парламент тарыхый жана маанилүү мыйзамдарды кабыл алды. Арасында чек ара маселелери, Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолун куруу, административдик-аймактык реформалар жана башка маанилүү мыйзамдар бар” деди ал. Алдыдагы шайлоо 30-ноябрда өтөрүн билдирген Төрага “биз шайлоонун таза өтүшү үчүн бардык күч-аракетибизди жумшайбыз. Азыр айрым депутаттар Президенттин, генералдын же Жогорку Кеңештин төрагасынын “батасын алыптыр” деген имиштер чыгып жатат. Батаны эл гана берет” деди ал.

## Касымалиев курулуштан кабар алды



***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Бишкек шаарында Мамлекеттик ипотекалык компания тарабынан курулуп жаткан “Ынтымак” турак жай комплексинен кабар алды.***

Анда Президенттин Иш башкармалыгынын жетекчиси, Мамлекеттик ипотекалык компаниянын төрагасы тарабынан Адылбек Касымалиевге курулуш иштеринин жүрүшү тууралуу маалымат берилди. “Менин үйүм” мамлекеттик турак жай программасынын алкагында ишке ашырылып жаткан “Ынтымак” турак жай комплексинде 18, 24 кабаттан турган 48 көп кабаттуу үй курулат. Мындагы курулчу 6 970 батирдин жалпы аянты 603 534 чарчы метрди түзөт. Ал эми унаа токтотуучу жайлардын саны 3852, коммерциялык жайлардын аянты 32 606 чарчы метр. Курулуш иштери төрт этаптан турат. Адылбек Касымалиев көп кабаттуу үйлөрдү куруу иштери өлкөнүн бардык аймактарында, ири шаарларда жана райондордо жүргүзүлүп жатканын билдирди. Мындай иштер үй алууга кезекке турган Кыргызстандын жарандарынын суроо-талаптарын канааттандыруу максатында жүргүзүлүп жатканын айтып, курулуш иштерин сапаттуу жана өз мөөнөтүндө бүткөрүүнү тапшырды.

## Ташиев министрдин камалып кетерин эскертти

***МинКабдын Төрагасынын орун басары – УКМК төрагасы Камчыбек Ташиев Транспорт жана коммуникациялар министрлигине карата жемкорлук мүнөздөгү арыздар түшүп жатканын билдирди.***





Генералдын айтымында, жасалып жаткан жумуштардан Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жетекчилигине акча бергенбиз деген арыздар түшүп жаткан. “Транспорт жана коммуникациялар министрлиги, Абсаттар Сыргабаев сен боюнча да маалымат бар, айтып коёюн. Мен түз эле айтам, кечээки жасалып жаткан жумуштардан "биз Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жетекчилигине акча бергенбиз" деген арыздар түшүп жатат. Бул тастыктайбай эле калсын, эгер тастыкталса, түрмөгө отургузам, уктуңбу? Мени аяп коёт экен деп ойлобо, мен эч кимди аябайм” деди Камчыбек Ташиев.

## Талапкерлердин кыргыз тилин билүүсү текшерилбейт

Келе жаткан парламенттик шайлоодо талапкерлердин мамлекеттик тилди билүүсү текшерилбейт. Бул тууралуу Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов II Кыргызстан – Россия билим берүү форумунда сүйлөп жатып билдирди. Ал мамлекеттик тил боюнча жаңы кабыл алынган мыйзамдагы депутаттарды кыргыз тилин билүүгө милдеттендирген норма коомчулукта кызуу талкуу жаратып, кайчы пикирлерди пайда кылганын белгиледи. “Жаңы мыйзам ар бир жаран мамлекеттик кызматка келип, өлкөнүн саясий турмушуна катышууга укуктуу болгон бириккен коомду түзүү максатын көздөйт. Бирок, мыйзам дароо эле колдонулбайт. Өлкө жетекчилиги келечектеги парламентке көп улуттуу элдин өкүлдөрү да келерине үмүттөнөт” деди Байсалов. Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары буга чейин кыргыз тили боюнча талапты киргизүүнү бир нече жылга жылдырып туруу туура болорун билдирди.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АЖОДОН АЧУУ ЧЫНДЫК

# САНКЦИЯЛАРДЫ АЛЫП САЛУУНУ ТАЛАП КЫЛАБЫЗ!

**Президент Садыр Жапаров БУУнун Башкы ассамблеясынын 80-сессиясынын Жалпы дебаттарында сөз сүйлөп, бүткүл дүйнөнүн алдында ачуу чындыктарды бетке айтты. Мамлекет башчынын бул билдирүүсү өлкө ичинде жана чет жактарда чыныгы эрдик жана баатырлык катары бааланууда. Президент өзүн чындыктан тайсалдабаган кашкөй инсан, чыныгы дипломат, чечкиндүү жетекчи экенин далилдеди деген пикирлер айтылууда. Биз сүйлөнгөн сөз боюнча кепти улайлы.**



Өлкө Жетекчиси Садыр Жапаров сөзүнүн башында Бириккен улуттар уюмунун 80 жылдыгы менен куттуктап, ага улай биздин өлкөдөгү жетишкендиктер боюнча учкай сөз кылып, андан кийин миллиондогон кишилердин жүрөгүн өйүткөн көйгөйлөрдү ачык-айкын айтууну чечкенин билдирди. Эч кимге жашыруун эмес, учурда дүйнөнүн туш тарабында, ар бир булуң-бурчунда куралдуу кагылышуулар жана согуштар тутанууда. Миллиондогон адамдар үй-жайынан ажырап, өз жерин таштап кетүүгө аргасыз болсо, миллиондогон адамдардын өмүрү кыйылып жатат. Мына ушуларды эске салган Садыр Жапаров эч кимден тайсалдабай туруп: “Дүйнө коомчулугу өзүнүн өзүмчүл геосаясий кызыкчылыктарына таянып, аталган чыр-чатактарга “мунусу көбүрөөк, ал эми тигиниси азыраак маанилүү” деген принцип менен мамиле кылып, кош стандарттуу ыкманы колдонууда” деди. Мына ушул жерде сөздүн ток этээри айтылып, башка чапкандай эле болду. Дүйнө саясаты өзгөрүшү керек.

Ошол жерден Президент Украинада дээрлик төрт жылдан бери жаңжал уланып, адамдар өлүп, жарандары өлкөдөн качып чыгып жатканын айтып, АКШ Президенти Дональд Трамп менен Россия Президенти Владимир Путиндин Украинадагы жаңжалды жөнгө салууга багытталган аракеттерин жана чечимдерин колдоорун белгиледи. Чындыгын айтышыбыз керек, биз буга кызыкдарбыз. Анткени, Россия–Украина жаңжалынан бул эки өлкө гана эмес, бир кезде союздаш, тилектеш болгон башка өлкөлөрдүн экономикасы да жапа чегип жатат. Бизге дагы негизсиз салынган санкциялар кедергисин тийгизип, өлкөбүздүн өнүгүүсүнө тоскоолдук жаратып жатат. Негизсиз санкцияларды өлкөнүн ички иштерине кийлигишүү катары жана жаңыдан бутуна туруп келе жаткан экономикабызды төбөсүнөн ылдый басуу деп баалacак болот. Анткени, Кыргызстан өзүнүн эл аралык милдеттенмелерин ар дайым так аткарып келе жатат. Эгер шектенсе, ушак сөздөргө ишенбей, келип текшеришсин.

Президент дагы айрым бейөкмөт уюмдар жана кара ниет жарандар тарабынан жайылтылган жалган маалыматтарга негиздөө менен санкция жарыялоонун өзү туура эместигин белгилеп, банктардын ишмердүүлүгүн кылдат текшерттирүү үчүн көз карандысыз эл аралык аудиттерди кабыл алууга даяр экенин билдирди. Ошону менен бирге Батыш мамлекеттери кеңири соода жүргүзүп жатканын далилдер менен тизмектеп, 2024-жылы Европа Биримдигинин өлкөлөрү Россия менен 141 миллиард долларга соода жүргүзгөнүн, анын 36 миллиард доллары Россиядан импорттолгон товарлар болгонун ачыкка чыгарды. Ал эми биздин 2 банкка каршы санкция жарыялаган Британиянын өзү 2024-жылы Россия менен 2,2 миллиард долларга соода жүргүзгөнүн шардана кылды.

“Ачык айтканда, кимдир бирөөлөр өз алдынча кызматташуу мүмкүнчүлүгүн өзүмчүлдүк менен өзүнө калтырып, өз кызыкчылыктарын коргоп, башкаларга тыюу салган. Бул көрүнүштү кантип атоо керек? Өзгөдөн бир нерсе талап кылаардан мурда – өзүң башкаларга үлгү бол деген сөз. Бизге Россия менен кызматташпагыла деген талап коёсуңар дагы, өзүңөр кеңири кызматташып жатасыңар. Бизди силерге караганда Россия менен көптөгөн экономикалык байланыштар бириктирип турат. Ошондуктан, экономикалык жактан алганда Россия менен кызматташпай коё албайбыз. Биз башкалар менен тирешүүнү каалабайбыз. Биз дээрлик бүт дүйнө менен кызматташып, көп векторлуу саясат жүргүзүп жатабыз. Мисалы, биз ошол эле Англияга жылына 1 миллиард долларлык алтын сатабыз. Менин өлкө Президенти катары биринчи милдетим – жарандарымдын жана өлкөмдүн коопсуздугун камсыз кылып, экономикалык абалын жогорулатуу. Биз экономикалык кызматташтыкты жана сооданы саясатташтырууга каршыбыз. Демек, 2 банкыбызга салган санкцияңарды тез арада алып салууну талап кылабыз” деди Садыр Жапаров.

Президент өз сөзүндө Газадагы кырдаалга токтолуп, бүткүл дүйнөнүн көз алдында өтүп жаткан адам чыдагыс трагедияга кайдыгер карабашыбыз керектигин белгилеп, аёосуз кагылышуулардын айынан эбегейсиз жоготууларга учурап жаткан Палестина элине тилектеш болушубуз керектигин билдирди. Ал жерде чоң апааттын арааны жүрүп, жүздөгөн, миңдеген наристелер кырылып жатат. БУУнун Башкы катчысы буга чейин Газа тилкесин "миңдеген балдардын көрүстөнү" деп мүнөздөгөн. Мамлекет Башчысы бул жерде эң туура маселени коюп, “Биз палестиналыктарга каршы геноциддин токтотулушун жана БУУнун Эл аралык соту тарабынан эл аралык соттук иликтөөнүн башталышын талап кылабыз” деди. Ооба, зордук-зомбулуктун жана терроризмдин бардык көрүнүштөрүн кескин айыптайбыз, анын ичинде 2023-жылдын 7-октябрындагы Израилге террорчулардын кол салуулары да акылга сыйгыс нерсе болгон. Ал террорчулар катуу жазасын алышы керек. Бирок, терроризмге каршы күрөшүүнүн, террорчуларды жок кылуунун өз ыкмалары, жол-жосуну бар да. Ошол ыкмалар менен күрөшүү керек. Террорчуларга каршы күрөштөн миллиондогон жөнөкөй жарандар, жаш балдар кырылбашы керек.

Буга улай Өлкө Жетекчиси Батыш өлкөлөрү тарабынан тоңдурулган Ооганстандын акчалары өзүнө кайтарылышына да токтолду. Көп жылдардан бери согуштан башы чыкпай жаткан өлкөнү эл аралык изоляцияга алуу, аны чет элдик жардамсыз калтыруу – бул адилетсиздик. Геосаясий-идеологиялык максаттарды көздөп, каржылык инструменттерди колдонуу аркылуу гуманитардык кризисти курчутуунун өзү адамгерчиликке жатпайт.

Бириккен Улуттар Уюмунун маалыматына ылайык, 2025-жылы Афганистанда 15 миллиондон ашык адам ачкачылыкка дуушар болсо, 24 миллион адам гуманитардык жардамга муктаж болуп турат. Баарыбызга маалым болгондой, сентябрь айынын алгачкы күндөрүндөгү жер титирөөдөн улам 2 миңден ашуун афган боордошубуз каза тапты. Тилекке каршы, акча каражатынын жетишсиздигинен жана инфраструктуранын начарлыгынан улам жабыркагандарга өз убагында жардам көрсөтүүгө мүмкүн болгон жок. Ошол эле маалда Батыш өлкөлөрү тарабынан тоңдурулган Ооганстандын активдери 9 миллиард доллар экен. Бул каражаттарды тоңдурган мамлекеттер колдонуп, пайда көрүп жатканы өтө уят. Мына ушул акчалар тез арада мыйзамдуу ээлерине кайтарылышы керектигин Президент баса белгилеп: “Биз Батыш өлкөлөрүнүн лидерлерин ooган элинин келечеги үчүн бул активдерди тез арада кайтарып берүүгө чакырабыз. Эгер ооган эли жакырчылыктан, ачарчылыктан тез арада чыксын десеңиздер, токтоосуз кайтарып бериңиздер. Адам укугу, мамлекеттер аралык укуктар жөнүндө сүйлөгөн сөзүңөр менен кылган ишиңер мына ошондо бири-бирине дал келет” деди.



**Мурдагы Тышкы иштер министри Аликбек ЖЕКШЕНКУЛОВ:**

- Садыр Жапаровдун сөзү Кыргызстандын так позициясы бар экенин, саясий эркин көрсөтө аларын жана эл аралык аренада өз кызыкчылыктарын коргоого даяр экенин көрсөттү. Президентибиздин бир тараптуу санкциялар тууралуу айткандарын башка көптөгөн лидерлер азырынча айтууга батына алышкан жок. Андан тышкары, Мамлекет Башчысы үчүнчү өлкөлөр Кыргызстандын негизги өнөктөштөр менен болгон экономикалык жана соода мамилелеринин өнүгүшүнө таасир этүүгө аракет кылбашы керектигин билдирди. Бул ички ишке кийлигишүү. Биздин республика кош стандарттуу жана бүдөмүк мамилелерди кабыл албайт.



**Коомдук ишмер Эмилбек КАПТАГАЕВ:**

- Президент Садыр Жапаров БУУнун бийик трибунасынан дүйнөлүк геосаясаттагы көйгөйлүү маселелер боюнча тарыхый сөз сүйлөгөнүнө күбө болдук, "биз кичине өлкөбүз, биздин ким укмак эле" дебей так-кесе айтылыптыр, башкы лейтмотив – айтылган сөз менен иштин дал келүүсү деген талап болуптур, бул абдан туура. Анткени, эл аралык мамиледе деле ыраатуулук жоголуп, бүгүн бирди айтып, эртең башканы жасоонун эрен-төрөнү жок болуп калды да. Мамлекет аралык иштерде ким күчтүү, ким кубаттуу болсо ошонун сөзү-сөз, кылганы эп дегендей жакка оор бара жатканы көрүнүп турбайбы.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ИНВЕСТИЦИЯ

# КЫЗМАТТАШУУНУН ҮЗҮРҮ




*Өткөн аптада Кыргызстандагы Кытай Эл Республикасынын элчилиги журналисттер үчүн Кара-Балта аймагындагы мунайды кайра иштетүүчү "Жунда" жана баш калаанын сыртында жайгашкан таштандыларды кайра иштетүүчү "Цзюньсинь Хуаньбао Кей Джи Инвест" заводунун ишмердүүлүгү үчүн атайын пресс-тур уюштуруп, төртүнчү бийлик өкүлдөрүнө жеринде маалымат беришти.*

### Эң ири заводдун келечеги кең

Кара-Балта шаарында жайгашкан мунайды кайра иштетүүчү завод жалпы 350 гектар аянтка курулуп, Кыргызстандагы эң ири заводдордун бири экенин көпчүлүк биле бербейт. Алгач 2013-жылы ишке берилген завод 2020–2024-жылдары иштеген эмес. 4 жыл өткөн соң заводдун ишмердүүлүгү Президент Садыр Жапаровдун катышуусунда жандандырылган. Ушул тапта аталган мунай заводун жаңылоо иштери кызуу жүрүп, 2026-жылдын июль айына чейин бүткөрүү пландалып жатканынан кабардар болдук. Учурда курулуштун болжол менен 60%, жалпы көлөмүнүн болжол менен 45%ы бүткөн. Өлкөдөгү эң ири заводдун курулушунун кышын жалпысынан 88 инженер-куруучу кынаптай коюп жатканын заводдун өкүлдөрү билдиришти. Заводдогу модернизациялоо иштеринин аякташы менен өндүрүлгөн мунай продукциясы Евро-4 жана Евро-5 стандарттарына туура келет. Учурда мунайды кайра иштетүүчү заводдон АИ – 80, АИ – 92, АИ – 95 үлгүсүндөгү бензиндин түрү жана дизель менен мазут атайын лабораториядан тазаланып өтүп, чыгарылууда. Бул жайга инвесторлор болжол менен 193 миллион доллар салым салышса, жаңылоо иштеринен соң заводдон 300 миң тоннадан ашык Euro-V дизель майын жана 400 миң тоннадан ашык ар түрдүү маркадагы бензинди чыгаруу мүмкүнчүлүгү жаралмакчы. Буга удаа суюлтулган газ жана өнөр жай күкүртү да чыгарылары уккан жандын кимисин болбосун сүйүнтөөрү турган иш.

### Ички керектөөнү камсыздоодо лидерликти багындырат

Аталган завод жаңылоо иштеринен соң өлкөбүздү күйүүчү май менен камсыз кылуудан тышкары экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн да кеңейтиринен кабардар болдук. Тагыраагы, мындагы өндүрүлгөн мунайды экспорттоого жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болгон соң өлкөбүздүн энергетикалык коопсуздугун бекемдөөгө, анын арты менен экономикабыздын өсүшүнө чоң салым кошоорун эксперттер баш болуп белгилешүүдө. Ал эми заводдогу кайра иштетүү учурунда түтүктөрдөн жыттар же суу буусу пайда болушу абаны булгабайт жана адамдын ден соолугуна таасирин тийгизбейт. Айланачөйрөнү коргоону – ишиндеги артыкчылыктуу багыт катары карманган завод жетекчилиги курчап турган чөйрөнү коргоо иш-чараларына 20 миллион долларын ашык каражат бөлүп, абаны тазалай турган атайын жаңы жабдууларды орнотуп жатышы – албетте, кимди болбосун кубандырбай койбойт.

### Максат – Кыргызстанды күйүүчү май менен камсыз кылуу

Мунай заводдун жетекчилиги – "Жунда" эң ири ата мекендик отун өндүрүүчү болуп, Кыргызстанды сапаттуу күйүүчү май менен толук камсыз кылуу эң башкы максаты экенин жашырбады. Келечекте алар май куюучу станцияларды тармагын кеңейтип, заманбап комплекстүү станцияларды куруу аркылуу кардарлар үчүн жаңы кызматтарды киргизүүгө белсенип турушат. Өндүрүштүн эң жогорку чегинде заводдо 1200дөн ашуун адам иштээри каралса, анын 800дөн ашууну жергиликтүү жана 400дөн ашыгы Кытайдан келген адистер. Дагы 2000 адам кыйыр түрдө жумуш менен камсыз болору маалым болду. Ал эми кызматкерлердин эмгек акысы стажына, квалификациясына жараша 40 миң сомдон 120 миң сомго чейин. Кооптуу эмгек шарттары үчүн кошумча компенсация төлөнмөкчү.

### Борбор Азиядагы алгачкы заводдон кабарыңыз барбы?

Кытай элчилиги уюштурган пресс-турдагы күндүн экинчи жарымында Бишкек шаарынын сыртында жайгашкан таштандыларды кайра иштетүүчү заводдо болдук. Аталган завод долбоорунун тарыхы өткөн жылы Кытай Эл Республикасында өткөн Евразиялык жыйындарда Кыргызстандан барган өкүлдөр менен эки тараптуу сүйлөшүүлөрдүн негизинде 2024-жылдын 24-мартында атайын меморандумга кол коюлган. Эки тараптуу түзүлгөн келишимдин негизинде Кытайдын "Цзюньсинь Хуаньбао Кей Джи Инвест" заводу Кыргызстанга келип, долбоорду ишке ашыруунун үстүндө иш алып барууда. Кыргызстандагы мындай заводдун Кытайдын өзүндө 4 станциясы болгону менен Борбордук Азиядагы эң алгачкы долбоору. Биздин коңшу Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан өлкөлөрүндө таштанды чыгарган мындай завод азырынча жок экендиги, элчилик уюштурган маалымат турунда белгилүү болду.

### Жылына 365 миң тонна таштанды иштетилет

Учурда курулуш иштери кызуу жүрүп жаткан таштандыны кайра иштетүүчү бул заводдун курулушуна жалпысынан 95 миллион доллар инвестиция салынган. Бишкек шаарынан күнүнө 1100 тоннага чейин таштанды чыкса, аталган завод шаардан чыккан бул өлчөмдөгү таштандыны толугу менен күйгүзүп, андан электр энергиясын алганга мүмкүнчүлүгү жетерин завод жетекчилиги жеринде билдирди. Орто Азияда жок, Кыргызстанда гана курулуп жаткан бул заводдо күнүнө 1000 тонна, жылына 365 миң тонна таштанды кайра иштетилери күтүлүүдө. Иштетилген мындай көлөмдөгү таштандыдан суткасына 450 000 кВт/с. ал эми жылына 1 миллиондон ашык кВт/с. электр энергиясы өндүрүлөөрү маалым болду. Завод таштандыдан өндүргөн электр энергиясын Кыргызстанга сатат. Тагыраагы, мындан чыккан электр Бишкек шаарынын 30 000 кожолугун суткасына тейлегенге жете тургандыгын инвесторлор белгилешти. Ошентип, завод алдыңкы айларда таштандыны утилдештирүү аркылуу электр энергиясын өндүрүүчү алгачкы ишкана катары тарых жаратуунун алдында турат.

### Жумушчулардын жарымынан көбү кыргыздар

Аталган завод иштеп баштаган соң жалпы-жонунан 80ге чукул киши иш менен камсыз болсо, алардын 50%ын жергиликтүү кыргыздар түзмөкчү. Ал эми калган кызматкерлер кытай жарандарынын өздөрүнөн болмокчу. Заводдун технологиясын жергиликтүү тургундар толук кандуу өздөштүргөн соң 70% жумушчуларын кыргыз жарандары түзөөрү белгилүү болду. Орто Азиядагы эң биринчи мындай долбоордун ишке кириши менен Бишкек шаарынын абасы сезилээрлик деңгээлде тазаланаарын, андагы иштеген эксперттер да бир ооздон баса белгилешүүдө.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ЭЛ АРАЛЫК АЛАКА

# ЖАЛПЫ КАРЖЫЛОО 384 млн ДОЛЛАРДЫ ТҮЗДҮ



***Сауд Аравиянын Кыргызстандагы элчилиги Сауд Аравия Королдугунун Улуттук күнүнүн 95 жылдыгына карата Sheraton Bishkek мейманканасында атайын кабыл алуу өткөрдү.***

Элчи Ибрагим бин Ради Аль-Ради мырза өз сөзүндө Сауд Аравия – Кыргыз Республикасынын эки тараптуу мамилелериндеги жетишкендиктерге токтолуп, эки өлкөнүн расмий өкүлдөрүнүн визит алмашуулары уланып жатканын, бир катар келишимдерге жана меморандумдарга кол коюлганын, Сауд Аравия Королдугунун өкмөтү тарабынан республика эгемендүүлүк алгандан бери Кыргызстандын туруктуу өнүгүү программаларын колдоого олуттуу басым жасалып келатканын өзгөчө белгиледи.

Сауд өнүктүрүү фонду аркылуу Кыргызстанда жол куруу, саламаттыкты сактоо, турак-жай, билим берүү жана башка тармактардагы бир катар долбоорлор каржыланып, 2011-жылдан бери кредиттер жана гранттар түрүндөгү каржылоонун жалпы көлөмү 384 миллион АКШ долларын түзгөнүн билдирди. Мындан тышкары, Сауд Аравиянын университеттеринде ар түрдүү тармактарда билим алуу үчүн Кыргызстандан келген студенттерге жыл сайын 127 гранттык орун берилерин элчи мырза маалымдады.

Иш-чарага катышкан Мамлекеттик катчы Марат Иманкулов, Сауд Аравиянын элчилигин маарекелик майрамы менен куттуктап, эки тараптуу кызматташуунун ийгиликтерин баса белгилеп, Кыргызстанга социалдык-гуманитардык багытта колдоо көрсөтүп келе жаткан Сауд Арвиянын Королдугуна ыраазычылыгын билдирди.

**Шекербек КАЛЫКОВ**




# АРАЛЫКТАН НОТАРИАЛДЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮЛӨТ

***1-октябрдан тарта Кыргызстанда нотариалдык кызмат көрсөтүүнүн жаңы форматы иштей баштайт.***

Юстиция министрлигинен билдиришкендей, анда айрым нотариалдык аракеттерди алыстан аткаруу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Ага ылайык, эми жарандар жана юридикалык жактар нотариуска барбастан эле бир катар процедураларды онлайн тартипте аткара алышат. Юстиция министрлиги процесстерди санариптештирүүгө жана жөнөкөйлөтүүгө басым жасап, кызматтарды мүмкүн болушунча ыңгайлуу жана ачык кылууну максат кылууда.

Эң көп талап кылынган аракеттер: ата-энелердин макулдугун күбөлөндүрүү, ата-энелердин, асырап алуучулардын, камкорчулардын жеке көзөмөлчүлөрдүн жашы жете электерди Кыргызстандын чегинен чыгарып кетүүгө макулдугун, жашаган жери боюнча каттоого жана паспорт алууга макулдукту, Кыргызстандын жарандыгын алуу же андан чыгууга макулдукту, мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы транспорт каражаттарын жана айдоочуларды каттоо агенттигинен маалыматтар менен документтерди алуу үчүн ишеним катты күбөлөндүрүү (четтетүү укугусуз), мамлекеттик бажы кызматында жүктөрдү бажыдан өткөрүү үчүн ишеним катты күбөлөндүрүү (четтетүү укугусуз) иштери жүргүзүлөт.

Маанилүү өзгөчө кызматтар өлкөнүн ичинде гана эмес, чет өлкөдө жүргөн кыргызстандыктар үчүн да жеткиликтүү болот. Бул чечим дүйнөнүн каалаган жеринен юридикалык күчкө ээ документтерди алууга жол ачат. Алыстан нотариалдык аракеттерди жүргүзүүнүн башталышы нотариат тармагындагы системалуу реформанын бир бөлүгү.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫ (ОМБУДСМЕНИ) ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 3-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

Ушул конституциялык Мыйзам Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишин уюштуруу тартибин, көз карандысыздыгынын кепилдиктерин, укуктук статусун жана ыйгарым укуктарын, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысын (Омбудсменин), анын орун басарларын жана Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратын укуктук жана социалдык жактан коргоонун негизги чараларын аныктайт.

### 1-глава. Жалпы жоболор

**1-берене. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишинин укуктук негизи**

1. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) (мындан ары – Акыйкатчы) Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контроль жүргүзөт жана кыйноолорго жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнө каршы улуттук алдын алуу механизминин функцияларын аткарат.

2. Акыйкатчы өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, ушул конституциялык Мыйзамды, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерди жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери менен ченемдерин жетекчиликке алат.

**2-берене. Адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына Акыйкатчынын парламенттик контроль жүргүзүүсүнүн максаты**

Акыйкатчы тарабынан парламенттик контроль жүргүзүүнүн максаты:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен жарыяланган адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо;

2) адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин ушул конституциялык Мыйзамдын 3-беренесинде көрсөтүлгөн субъекттер тарабынан сакталышына жана урматталышы;

3) кыйноолордун жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу;

4) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузуунун алдын алуу же аларды калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтүү;

5) адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын Кыргыз Республикасынын Конституциясына, ушул жаатлагы эл аралык стандарттарга ылайык келтирүүгө көмөктөшүү;

6) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы эл аралык кызматташтыкты жакшыртуу жана андан ары өнүктүрүү;

7) адам жана жаран өзүнүн укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууда басмырлоонун ар кандай формаларынын алдын алуу;

8) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин кубаттоо жана илгерилетүү, калкты укуктук жактан агартууга көмөктөшүү жана жеке адам жөнүндө купуя маалыматты коргоо.

**3-берене. Ушул конституциялык Мыйзамды колдонуу чөйрөсү**

Ушул конституциялык Мыйзамды колдонуу чөйрөсү Акыйкатчынын адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду жүзөгө ашыруусу менен байланышкан мамилелер, ошондой эле анын мамлекеттик билик органдары (анын ичинде атайын статусу бар), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жактар жана алардын жетекчилери менен адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча өз ара аракеттенүүсү болуп саналат.

**4-берене. Акыйкатчынын укуктук статусу**

1. Акыйкатчы өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда көз карандысыз жана мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан контролго алынбайт.

2. Акыйкатчынын иши адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин аракеттеги укуктук каражаттарын жана механизмдерин толуктайт.

3. Акыйкатчы, анын орун басарлары жана Аппаратынын кызматкерлери өз ишин төмөнкүдөй принциптердин негизинде жүзөгө ашырышат:

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясында, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде, ошондой эле адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарда каралган адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин үстөмдүгү;

2) адамдын укуктарын жана эркиндиктерин Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктары катары таануу;

3) моралдык жогорку сапат, адеп-ахлактык, чынчылдык жана калыстык;

4) айкындык жана ачыктык;

5) адилеттүүлүк;

6) көз карандысыздык жана алардын ишине кийлигишүүнүн жол берилбестиги;

7) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин кубаттоо.

### 2-глава. Акыйкатчыны жана анын орун басарларын шайлоо жана ыйгарым укуктарын токтотуу тартиби

**5-берене. Акыйкатчынын жана анын орун басарларынын кызмат ордуна талапкерге карата талаптар**

1. Башка мамлекеттин жарандыгы жок, мамлекеттик тилди билген, 30дан жаш эмес жана 65 жаштан улуу эмес, жогорку билими бар Кыргыз Республикасынын жараны Акыйкатчы жана анын орун басары болуп шайлана алат.

2. Ушул бөлүктүн экинчи абзацында каралган учурларды кошпогондо, кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулугу бар адам, эгерде бул соттуулугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаса жана алып салынбаса, Акыйкатчы болуп шайлана албайт.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмышты жасагандыгы үчүн соттуулугу бар адам соттуулугу жоюлганына же алып салынганына карабастан, ошондой эле көрсөтүлгөн кылмыштар боюнча ага карата кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча токтотулган адам Акыйкатчы болуп шайлана албайт.

3. Акыйкатчы жана анын орун басарлары 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Бир эле адам Акыйкатчынын жана анын орун басарынын кызмат ордун катары менен эки мөөнөттөн ашык ээлей албайт.

**6-берене. Акыйкатчынын, анын орун басарларынын кызмат ордуна талапкерлерди сунуштоо жана аларды шайлоо тартиби**

1. Акыйкатчынын кызмат ордун ээлөөгө талапкерлер Акыйкатчынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганга чейин 20 күндөн кечиктирилбестен жана анын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда 15 күндөн кечиктирилбестен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин (мындан ары – Жогорку Кеңеш) парламенттик фракцияларынын, депутаттык топторунун жана депутаттарынын сунуштамасы боюнча Жогорку Кеңешке киргизилет.

Жогорку Кеңештин парламенттик фракциялары, депутаттык топтору жана депутаттары Акыйкатчынын кызмат ордуна үчтөн ашык эмес талапкерди сунуштайт.

2. Жогорку Кеңеш Акыйкатчынын кызмат ордуна талапкерлерди жарандык коомдун өкүлдөрүнүн катышуусу менен талкуулоо боюнча парламенттик угууларды өткөрүүгө укуктуу.

3. Акыйкатчы кызмат ордуна Жогорку Кеңеш тарабынан бюллетендерди пайдалануу менен жашыруун добуш берүү аркылуу шайланат.

4. Акыйкатчынын орун басарынын кызмат ордун ээлөөгө талапкерлерди Акыйкатчы сунуштайт.

5. Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушун алган талапкер Акыйкатчынын, анын орун басарынын кызмат ордуна шайланды деп эсептелет.

6. Эгерде талапкерлердин бири да добуштардын керектүү санын албаса, добуштардын көбүрөөк санын алган эки талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру өткөрүлөт. Добуш берүүнүн экинчи турунда депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушун алган талапкер шайланды деп эсептелет.

Эгерде экинчи турдун жыйынтыктары боюнча талапкерлер бирдей сандагы добуштарды алса, анда жаңы талапкерлерди көрсөтүү менен кайра шайлоо өткөрүлөт.

Эгерде талапкерлердин бири да добуштардын керектүү санын албаса, жаңы талапкерлерди көрсөтүү менен кайра шайлоо өткөрүлөт. Эгерде кийинки турга өткөн талапкер өзүнүн талапкерлигин алып салса, добуштардын көбүрөөк санын алган кийинки талапкер боюнча добуш берүү өткөрүлөт.

Эгерде шайлоого бир талапкер катышса жана ал шайланбай калса, жаңы талапкерлерди көрсөтүү менен кайра шайлоо өткөрүлөт.

Кайра шайлоо добуш берүү өткөрүлгөн күндөн тартып 14 күндөн эрте эмес жана 30 күндөн кечиктирилбестен өткөрүлөт.

7. Акыйкатчыны шайлоо боюнча добуш берүү жол-жобосун Жогорку Кеңештин кийинки жыйналышына жылдырууга болбойт.

8. Акыйкатчы, анын орун басарлары ант берген учурдан тартып кызмат ордуна киришкен болуп эсептелет.

Жаңы Акыйкатчы шайланганга чейин Акыйкатчынын милдеттерин орун басарлардын бири аткарат.

9. Акыйкатчынын эки орун басары болот. Акыйкатчынын орун басарларын Акыйкатчынын сунуштамасы боюнча Жогорку Кеңеш кызмат ордуна шайлайт жана бошотот.

**7-берене. Акыйкатчынын жана анын орун басарларынын анты**

Кызмат орунга киришип жатканда Акыйкатчы, анын орун басарлары Жогорку Кеңештин жыйналышында төмөнкүдөй мазмундагы ант беришет:

«Мен, ..., Акыйкатчынын (Акыйкатчынын орун басарынын) кызмат ордуна киришип жатып, Кыргыз Республикасына берилгендигимди билдирип:

Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, ар-намысымды жана адилеттүүлүктү жетекчиликке алып, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин кубаттоо жана коргоого, өз милдеттеримди ак ниеттүүлүк менен аткарууга ант беремин.».

**8-берене. Акыйкатчынын жана анын орун басарларынын статусу менен шайкеш келбеген иштер**

1. Акыйкатчынын жана анын орун басарларынын статусу Жогорку Кеңештин же жергиликтүү кеңештин депутатынын мандаты менен шайкеш келбейт. Акыйкатчы педагогикалык, илимий жана чыгармачылык иштен тышкары акы төлөнүүчү иш менен алектенүүгө укуксуз.

2. Акыйкатчыга жана анын орун басарларына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жана башка чектөөлөр да жайылтылат.

**9-берене. Акыйкатчынын жана анын орун басарларынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу**

1. Акыйкатчынын, анын орун басарларынын ыйгарым укуктары төмөнкүдөй негиздер боюнча мөөнөтүнөн мурда токтотулат:

1) кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө өз каалоосу менен жазуу жүзүндө арыз бергенде;

2) соттун айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;

3) медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө сот актысы мыйзамдуу күчүнө киргенде;

4) дайынсыз жоголду деп таануу же өлгөндүгүн жарыялоо жөнүндө сот актысы мыйзамдуу күчүнө киргенде;

5) аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген же аракетке жөндөмсүз деп таануу жөнүндө сот актысы мыйзамдуу күчүнө киргенде;

6) медициналык корутундуга ылайык ден соолугунун абалы боюнча ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга мүмкүн болбогондо;

7) Кыргыз Республикасынын жарандыгы токтотулганда же болбосо чет мамлекеттин жарандыгы бар экендиги аныкталганда;

8) ушул конституциялык Мыйзамдын 8-беренесинде белгиленген талаптарды жана чектөөлөрдү бузганда;

9) Жогорку Кеңеш Акыйкатчынын ар жылдык баяндамасын жактырбоо жөнүндө чечим кабыл алганда;

10) өлүмүнүн фактысы.

Ушул берененин 1-бөлүгүнүн 9-пунктунун жобосу Акыйкатчынын кезектеги ар жылдык баяндамасын укканга чейин 12 айдан кем эмес убакытта шайланган Акыйкатчынын орун басарларына жайылтылбайт.

Ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1–5, 9, 10-пункттарын кошпогондо, Акыйкатчынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу үчүн негиздин бар экендиги жөнүндө корутундуну Жогорку Кеңештин атайын комиссиясы берүүгө тийиш. Корутундуга комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмеси добуш берүүгө тийиш.

Жогорку Кеңештин парламенттик фракциялары, депутаттык топтору жана депутаттары ушул берененин 1-бөлүгүнүн 6–8-пункттарында каралган негиздер боюнча Жогорку Кеңешке Акыйкатчынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө сунуш киргизет.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1–5, 9, 10-пункттарында каралган негиздер болгон учурда Жогорку Кеңеш Акыйкатчынын жана анын орун басарларынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө токтом кабыл алат.

3. Акыйкатчы ушул берененин 1-бөлүгүнүн 2–10-пункттарында каралган негиздер боюнча Акыйкатчынын орун басарын кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу жөнүндө сунушту Жогорку Кеңешке киргизет.

Киргизилген сунушту кароо Акыйкатчы үчүн каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

4. Акыйкатчынын, анын орун басарларынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө Жогорку Кеңештин чечими Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

### 3-глава. Акыйкатчынын ыйгарым укуктары

**10-берене. Акыйкатчынын укуктары**

Акыйкатчы төмөнкүлөргө укуктуу:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин Төрагасынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин (мындан ары – Министрлер Кабинети) Төрагасынын жана мүчөлөрүнүн, Кыргыз Республикасынын Конституциялык жана Жогорку сотторунун төрагаларынын, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун (мындан ары – Башкы прокурор), Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн башкаруучу курамындагы адамдардын, мажбурлап кармоо жайларынын (кармалгандарды кармоо, алдын ала камакка алуу жайларынын, соттолгондор жаза өтөөчү мекемелердин жана мажбурлап дарылоо жана кайра тарбиялоо мекемелеринин), психиатриялык стационарлардын администрациясынын, башка мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилеринин жана кызмат адамдарынын, ошондой эле жарандардын бирикмелеринин, менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчилигинин токтоосуз кабыл алуусуна;

2) Жогорку Кеңештин, Министрлер Кабинетинин, Кыргыз Республикасынын Конституциялык жана Жогорку сотторунун жыйналыштарында, Башкы прокуратуранын жана башка коллегиалдуу органдардын коллегиясында катышууга;

3) бардык инстанциялардагы сот отурумдарына, анын ичинде соттук териштирүү анын кызыкчылыгында жабык деп жарыяланган адамдын макулдугу болгон шартта жабык сот отурумдарына катышууга;

4) адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушу боюнча ага белгилүү болгон жагдайлардын иликтөө үчүн текшерүүнү демилгелөөгө;

5) Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин ушул конституциялык Мыйзамдын 3-беренесинде көрсөтүлгөн субъекттер тарабынан сакталышына мониторинг жүргүзүүгө;

6) Жогорку Кеңешке атайын баяндамаларды берүүгө;

7) адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушун тергөө боюнча убактылуу комиссия түзүү жөнүндө же парламенттик угууларды өткөрүү тууралуу Жогорку Кеңештин фракцияларына, депутаттык топторуна, комитеттерине, ошондой эле депутаттарына сунуш киргизүүгө;

8) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоого парламенттик контролду ишке ашыруу маселелери боюнча, анын ичинде жеке же жамааттык кайрылуулар боюнча Жогорку Кеңештин комитетине сунуштарды киргизүүгө;

9) Кыргыз Республикасынын Президентине, Министрлер Кабинетине адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча улуттук максаттуу программаларды иштеп чыгуу жана комплекстүү жана координацияланган иш-чараларды жүргүзүү боюнча сунуштарды киргизүүгө, аларды жүзөгө ашырууга катышууга;

10) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузууга табылган учурда, алар боюнча чараларды көрүү үчүн тиешелүү органдарга Акыйкатчынын чара көрүү актыларын жиберүүгө;

11) адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдерди түзүү, ратификациялоо же ага кошулуу, же болбосо алардын колдонулушун токтото туруу же денонсациялоо боюнча сунуштарды киргизүүгө;

12) адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча жумушчу топторго катышууга;

13) эксперттик, коомдук, консультациялык кеңештерди, жумушчу топторду, комиссияларды жана башка коомдук (коллегиялуу) органдарды түзүүгө;

14) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте кызматтык, коммерциялык жана мамлекеттик сырлар менен байланыштуу маалыматтарга карата жеткиликтүүлүккө;

15) Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрү, мамлекеттик күзөт кызматы тарабынан пайдаланылуучу объекттерге киргүүгө;

16) арызды же даттанууну кароонун жүрүшүндө текшерилүүчү жагдайларга тийиштүү оозеки жана жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрдү алуу үчүн Кыргыз Республикасынын кызмат адамдарын, мамлекеттик кызматчыларын, жарандарын, чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды чакырууга;

17) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укук-

*(Уландысы 5-бетте)*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫСЫ (ОМБУДСМЕНИ) ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

*(Башталышы 4-бетте)*

тук актыларынын долбоорлоруна сунуштарды жана сын-пикирлерди берүүгө;

18) ченем чыгаруу органдарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштар менен кайрылууга;

19) адамдын жана жарандын укуктарына жана эркиндиктерине тиешелүү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын конституциялык эмес деп таануу жөнүндө сунуштама менен Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна кайрылууга;

20) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин колдонуу, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу маселелери боюнча соттук практиканы изилдөө жана жалпылоо жөнүндө сунуштар менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кайрылууга;

21) ушул конституциялык Мыйзамдын 3-беренесинде көрсөтүлгөн субъекттерге адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына көзөмөлдү жана контролду жүргүзүүдө өз ара аракеттенүүнүн формаларын жана усулдарын өркүндөтүү боюнча сунуштар менен кайрылууга, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузуулар боюнча оозеки жана жазуу жүзүндөгү кайрылуусун берүүгө жана аларды кароодо катышууга;

22) ден соолугунун абалы же болбосо башка жүйөлүү себептер боюнча өз алдынча муну жасай албаган адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жөнүндө арыз менен сотко кайрылууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте сот процессине жеке өзү же өзүнүн өкүлү аркылуу катышууга;

23) кайсы убакта болбосун мажбурлап кармоо жайларына барууга, аларда кармалган адамдар менен жекеме-жеке сүйлөшүүгө, аларды кармоонун шарттары жөнүндө маалыматтарды алууга жана көрсөтүлгөн мекемелерде алардын кармалышынын мыйзамдуулугун ырастоочу документтерди текшерүүгө;

24) тиешелүү мамлекеттик органдар, анын ичинде ыкчам иликтөөнү жүзөгө ашыруучу органдар тарабынан адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышынын абалын текшерүүгө;

25) сотто кылмыш-жаза, жарандык иштер жана алар боюнча чечимдери (өкүмдөр) мыйзамдуу күчүнө кирген укук бузуулар жөнүндө иштер менен, ошондой эле андан кийин алардын көчүрмөлөрүн алуу менен, кылмыш-жаза иштерин козгоодон баш тартылып, өндүрүш менен токтотулган иштер жана материалдар менен таанышууга;

26) мажбурлап кармоо жайлары мекемесинин администрациясынын атайын уруксатысыз маектешүү, видео жана фото тартуу үчүн аудио, видео жаздыруу каражаттарын (анын ичинде телефондук мобилдик түзүлмөлөргө орнотулган) тоскоолдуксуз алып өтүүгө жана пайдаланууга;

27) ушул конституциялык Мыйзамдын 3-беренесинде көрсөтүлгөн субъекттерден алардын контролунда турган же баш ийген бөлүмдөрдүн, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын ишине тиешелүү текшерүүлөрдү (пландуу, пландан тышкары) жүргүзүүгө көмөк көрсөтүүнү, текшерүүлөрдү, экспертизаларды жүргүзүүгө, жыйынтыктарды жана тиешелүү корутундуларды берүүгө катышуу үчүн кызматкерлерди бөлүп берүүнү талап кылууга;

28) арызды же даттанууну кароонун жүрүшүндө аныкталууга тийиш болгон маселелер боюнча маалыматтарды, материалдарды жана документтерди мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, ишканалардан, уюмдардан жана мекемелерден, коомдук бирикмелерден жана саясий партиялардан суратууга жана алууга;

29) өзү тергөө жүргүзүп жаткан иш үчүн жоопту кызмат адамын, ошондой эле өндүрүштү жүргүзүп жаткан органдын кайсы болбосун кызматкерин угууга жана текшерилүүчү органдын жетекчиси, анын байкоочу органынын жетекчиси же болбосо мындай териштирүүнү жүргүзүүгө башка ыкма менен ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси тарабынан тергөө жүргүзүүсүн талап кылууга;

30) эксперттик жана аналитикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү жөнүндө мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктуу органдарына жана илимий мекемелерге кайрылууга;

31) мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, менчигинин формасына карабастан ишканаларга, мекемелерге, уюмдарга, ошондой эле аскер бөлүктөрүнө тоскоолдуксуз барууга;

32) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка ыйгарым укуктарды ишке ашырууга.

**11-берене. Акыйкатчынын милдеттери**

1. Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын Конституциясын, ушул конституциялык Мыйзамды, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, адамдын жана жарандын укуктарын жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын сактоого, ага жүктөлгөн функциялардын жана ыйгарым укуктардын аткарылышын камсыз кылууга милдеттүү.

2. Акыйкатчы купуя маалыматты сактоого милдеттүү.

Акыйкатчы арыз ээсинин жана арыз ээсине тиешеси бар башка адамдардын жеке турмушу жөнүндө алынган маалыматтарды алардын макулдугусуз ачыкка чыгарууга укуксуз. Бул милдеттенме анын ыйгарым укуктары токтотулгандан кийин да күчүндө болот.

Мындай маалыматтарды ачыкка чыгарган учурда Акыйкатчы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчилик тартат.

3. Акыйкатчы даттанууну текшерип бүткөндөн кийин анын жыйынтыктары жөнүндө арыз ээсине билдирүүгө милдеттүү.

**12-берене. Акыйкатчынын эл аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүүсү**

Адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери жаатындагы эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүү максатында Акыйкатчы төмөнкүлөргө укуктуу:

1) эл аралык уюмдар, алардын адам укуктарын коргоо чөйрөсүндө адистешкен органдары, анын ичинде Бириккен Улуттар Уюмунун Кыйноолорго каршы комитетинин Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча кичи комитети, ошондой эле чет мамлекеттердин адам укуктары боюнча улуттук органдары менен байланыштарды түзүүгө;

2) адам укуктары жаатындагы эл аралык мамилелерде эксперт катары Кыргыз Республикасынын атынан чыгууга;

3) адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына эл аралык байкоочу болууга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте эл аралык байкоочуларды чакырууга;

4) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатында пландарды жана долбоорлорду ишке ашырууга эл аралык уюмдардан техникалык, финансылык жана башка жардамды алууга.

**13-берене. Акыйкатчынын жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттенүүсү**

Адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери жаатында калктын укуктук маалыматка ээ болуусуна көмөк көрсөтүү максатында Акыйкатчы төмөнкүлөргө укуктуу:

1) мамлекеттик телерадиоканалдарда жана мезгилдик басылмаларда өзүнүн материалдарын, ар жылдык жана атайын баяндамаларын акысыз негизде чагылдырууга жана жарыялоого;

2) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо, аларды коргоо методдору жана формалары жөнүндө, анын ичинде адам укуктарын коргоонун эл аралык механизмдери жөнүндө маалыматты таратууга;

3) адам укуктары боюнча мезгилдик басылмаларды уюштурууга;

4) укуктук агартууда көмөктөшүү үчүн жалпыга маалымдоо каражаттарын тартууга.

**14-берене. Акыйкатчынын чара көрүү актылары**

Төмөндөгүлөр Акыйкатчынын чара көрүү актылары болуп саналат:

1) адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин табылган бузулууларын четтетүү боюнча бир айлык мөөнөттө чараларды көрүү үчүн мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, алардын кызмат адамдарына Акыйкатчынын сунуштамасы;

2) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузган кызмат адамдарына жана кызматчыларга карата тартиптик же административдик өндүрүштү козгоо жөнүндө өтүнмө менен мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, менчигинин түрүнө карабастан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга Акыйкатчынын сунуштамасы.

**15-берене. Арыздарды жана даттанууларды кароонун тартиби жана мөөнөттөрү**

1. Акыйкатчы алардын турган жерине карабастан Кыргыз Республикасынын жарандарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында болгон чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын же болбосо алардын өкүлдөрүнүн ушул конституциялык Мыйзамдын 3-беренесинде көрсөтүлгөн субъекттердин чечимдерине же аракеттерине (аракетсиздигине) тиешелүү кайрылууларын карайт.

2. Акыйкатчы адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузуу белгилери боюнча адамдардын кайрылууларынын, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары же башка булактар аркылуу келип түшкөн кайрылуулардын негизинде, же болбосо өз демилгеси менен текшерүү жүргүзүүгө укуктуу.

Акыйкатчы ошондой эле жеке кабыл алууну жүргүзүү учурунда келип түшкөн кайрылууларды карайт.

3. Кайрылуулар Акыйкатчыга адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузуу табылган күндөн тартып бир жылдын ичинде жазуу жүзүндө же электрондук түрдө берилет.

Өзгөчө жагдайлар болгондо бул мөөнөт Акыйкатчы тарабынан узартылышы мүмкүн.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында кароонун башка тартиби каралган кайрылууну Акыйкатчы таандыктыгы боюнча жиберүүгө же болбосо анын кайсы органга кайрылуусу керектигин кайрылуунун ээсине түшүндүрүүгө укуктуу.

5. Мажбурлап кармоо жайларында турган адамдардын Акыйкатчыга даректелген кайрылуулары купуя болуп саналат (ачууга жана цензурага тыюу салынат) жана алар Акыйкатчыга токтоосуз жиберилет. Кат-кабарларды өз учурунда жөнөтпөгөн жоопту адамдар тартиптик жоопкерчиликке тартылышат.

7. Акыйкатчы вправе не рассматривать жалобы, в которых констатируется наличие недобросовестности, отсутствие притязаний или соответствующих документов к обращению, а также другие жалобы, рассмотрение которых нанесет вред законным правам и интересам третьего лица. Его решения по таким жалобам не подлежат обжалованию.

8. Материалы по итогам рассмотрения обращения передаются на хранение в архив.

9. Повторные обращения, в которых не приводятся новые доводы или вновь открывшиеся обстоятельства, рассмотрению не подлежат, если по ним имеются исчерпывающие материалы проверок и заявителю были даны письменные ответы в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики. Новые доводы или вновь открывшиеся обстоятельства подлежат рассмотрению по решению Акыйкатчы и его заместителей.

10. Ответы на письменные обращения заявителя даются на языке обращения (государственном или официальном языках).

11. Субъекты, указанные в статье 3 настоящего конституционного Закона, не могут перенаправлять Акыйкатчы жалобы по вопросам их ведения.

12. Акыйкатчы не рассматривает обстоятельства дела по тем жалобам, которые по существу уже являются предметом судопроизводства, и прекращает свои действия, если после их начала заинтересованное лицо направило соответствующее обращение в суд.

**Статья 16. Ежегодные и специальные доклады Акыйкатчы**

1. До 1 апреля каждого года Акыйкатчы представляет Жогорку Кенешу ежегодный доклад за период с 1 января по 31 декабря предыдущего года о соблюдении прав и свобод человека и гражданина в Кыргызской Республике субъектами, указанными в статье 3 настоящего конституционного Закона.

В своем ежегодном докладе Акыйкатчы указывает число и характер поступивших обращений, общие оценки, заключения и рекомендации по соблюдению прав и свобод человека и гражданина.

В ежегодном докладе Акыйкатчы указываются субъекты:

– нарушившие права и свободы человека и гражданина;

– препятствовавшие деятельности Акыйкатчы;

– не выполнявшие требования и рекомендации Акыйкатчы.

К докладу Акыйкатчы прилагается отчет об использовании бюджетных средств за отчетный период.

2. Акыйкатчы вправе представить в Жогорку Кенеш специальный доклад по отдельным вопросам соблюдения прав и свобод человека и гражданина.

3. По итогам заслушивания ежегодного или специального докладов Акыйкатчы Жогорку Кенеш принимает постановление с рекомендациями соответствующим государственным органам, органам местного самоуправления и их должностным лицам.

Акыйкатчы вправе участвовать в контроле за реализацией постановлений Жогорку Кенеша, принятых по итогам заслушивания ежегодного и специального докладов Акыйкатчы.

4. Ежегодные и специальные доклады Акыйкатчы подлежат опубликованию на официальном сайте Акыйкатчы, в Ведомостях Жогорку Кенеша и других официальных средствах массовой информации.

## Глава 4. Гарантии деятельности Акыйкатчы, его заместителей и Аппарата

**Статья 17. Гарантии неприкосновенности Акыйкатчы и его заместителей**

1. При наличии угрозы для жизни и здоровья Акыйкатчы ему и членам его семьи гарантируется безопасность. Уполномоченные органы государственной власти на основании заявления Акыйкатчы принимают необходимые меры по обеспечению безопасности Акыйкатчы и членов его семьи.

2. В течение всего срока полномочий Акыйкатчы обладает неприкосновенностью, не допускается его личный досмотр или обыск, задержание, арест или совершение в отношении него иных процессуальных действий, за исключением случаев, когда он застигнут на месте совершения преступления.

Неприкосновенность Акыйкатчы распространяется на его жилое и служебное помещения, багаж, личное и служебное транспортные средства, переписку, используемые им средства связи, а также на принадлежащие ему документы.

3. Акыйкатчы в период осуществления полномочий и по их завершении не может давать объяснений или быть допрошенным по вопросам содержания адресованных ему обращений, документов, полученных в ходе их рассмотрения, обстоятельств частной жизни заявителя, которые стали известны ему во время бесед с ним, или относительно вынесенных им решений по ним.

4. Для получения согласия на привлечение Акыйкатчы к уголовной ответственности при наличии достаточных оснований после регистрации в Едином реестре преступлений Генеральный прокурор вносит в Жогорку Кенеш соответствующее представление, в котором указываются обстоятельства уголовного дела и статья уголовного закона, по которой Акыйкатчы подозревается.

5. Акыйкатчы, задержанный по подозрению в совершении преступления и принудительно доставленный в правоохранительный орган, если его личность не могла быть известна на момент задержания, после установления личности подлежит незамедлительному освобождению, кроме случаев, когда он был застигнут на месте совершения преступления.

6. В случае задержания Акыйкатчы должностное лицо, произведшее задержание, немедленно уведомляет об этом Генерального прокурора. Для получения согласия на привлечение Акыйкатчы к уголовной ответственности Генеральный прокурор вносит в Жогорку Кенеш соответствующее представление.

Для рассмотрения представления создается комиссия по расследованию, которая рассматривает его и направляет Жогорку Кенешу свое заключение не позднее 21 дня со дня ее образования. Справка комиссии и проект решения о даче согласия на привлечение Акыйкатчы к уголовной ответственности включаются в повестку дня ближайшего заседания Жогорку Кенеша.

Генеральный прокурор извещается в 3-дневный срок о принятии постановления Жогорку Кенеша о даче либо об отказе в даче согласия на привлечение к уголовной ответственности.

Отказ Жогорку Кенеша дать согласие на привлечение Акыйкатчы к уголовной ответственности является основанием для приостановления дела в отношении него до истечения срока его полномочий.

Генеральный прокурор в 3-дневный срок со дня окончания производства по делу обязан сообщить Жогорку Кенешу о результатах следствия.

7. Гарантии неприкосновенности и порядок привлечения к ответственности, предусмотренные настоящей статьей для Акыйкатчы, также распространяются на заместителей Акыйкатчы.

**Статья 18. Гласность деятельности Акыйкатчы и его заместителей**

Деятельность Акыйкатчы и его заместителей по осуществлению парламентского контроля за соблюдением прав и свобод человека и гражданина является гласной и освещается в средствах массовой информации, интернет-изданиях в той мере, в какой это не противоречит законодательству Кыргызской Республики в сфере защиты специально охраняемой законом тайны и конфиденциальной информации о частном лице.

*(Продолжение на 9 стр.)*

# КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
# ОБ АКЫЙКАТЧЫ (ОМБУДСМЕНЕ) КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Начало на 8 стр.)*

**Статья 19. Непрерывность деятельности Акыйкатчы, его заместителей и Аппарата**

1. Полномочия Акыйкатчы, его заместителей и Аппарата не могут быть прекращены или ограничены в случае окончания срока полномочий Жогорку Кенеша или его самороспуска.
2. Введение чрезвычайного или военного положения на всей территории Кыргызской Республики не прекращает, не ограничивает и не приостанавливает деятельность Акыйкатчы.
3. В период срока исполнения своих полномочий Акыйкатчы и его заместители освобождаются от призыва на военную службу и военные сборы.

**Статья 20. Гарантии деятельности сотрудников Аппарата Акыйкатчы**

1. Сотрудники Аппарата в период исполнения и после прекращения службы не подлежат вызову и допросу относительно сведений, ставших им известными в связи с выполнением служебных обязанностей.
2. При проведении проверок по обращениям физических и юридических лиц либо по поручению Акыйкатчы сотрудники Аппарата представляют интересы и осуществляют полномочия Акыйкатчы в соответствии с настоящим конституционным Законом и вправе посещать государственные органы, органы местного самоуправления, юридические лица независимо от форм собственности, знакомиться со всеми необходимыми документами, материалами, снимать с них копии либо производить фото-, видеофиксацию, а также проводить беседы с соответствующими лицами.

**Статья 21. Обязанность содействия деятельности Акыйкатчы**

1. Органы государственной власти обязаны в приоритетном порядке оказывать помощь Акыйкатчы в его проверках.
2. Государственные органы не могут отказать Акыйкатчы в доступе к какому-либо документу административного характера, если он имеет отношение к деятельности либо службе, являющейся предметом проверки.
3. Если рассматриваемая жалоба касается действий (бездействия) работников органов государственной власти, Акыйкатчы уведомляет об этом причастных к делу лиц и их непосредственного руководителя или вышестоящую организацию.
4. Акыйкатчы обязан проверить достоверность представленных документов и выслушать работника органа государственной власти, причастного к делу, с целью получения дополнительных сведений.

При отказе от беседы с Акыйкатчы работник органа государственной власти обязан дать объяснительную в письменной форме с указанием причины.

5. Сведения, полученные от работника органа государственной власти на основании его личных показаний, которые в ходе проверки могут повлечь негативные последствия в отношении него, носят конфиденциальный характер, что не противоречит положениям уголовно-процессуального законодательства Кыргызской Республики, относящимся к выявлению фактов, которые носят признаки состава преступления.

**Статья 22. Ответственность за вмешательство или воспрепятствование деятельности Акыйкатчы**

1. Отказ в доступе к какому-либо объекту или помещению, в том числе к местам принудительного содержания, влечет ответственность, предусмотренную законодательством Кыргызской Республики.
2. В случае вмешательства или воспрепятствования деятельности Акыйкатчы со стороны субъектов, указанных в статье 3 настоящего конституционного Закона, Акыйкатчы вправе направить Генеральному прокурору обращение для принятия соответствующих мер.

**Глава 5. Организация деятельности Акыйкатчы**

**Статья 23. Аппарат Акыйкатчы**

1. Акыйкатчы утверждает регламент своей деятельности, в котором полностью определяет организацию и методы работы.
2. Для обеспечения деятельности Акыйкатчы создается Аппарат Акыйкатчы. Структура, штатное расписание, порядок и организация работы Аппарата определяются Акыйкатчы в пределах установленной штатной численности.
3. Права, обязанности и ответственность сотрудников Аппарата Акыйкатчы, а также условия прохождения ими государственной службы определяются законодательством Кыргызской Республики о государственной службе и законодательством Кыргызской Республики о труде.

**Статья 24. Финансирование деятельности Акыйкатчы**

1. Финансирование деятельности Акыйкатчы и его Аппарата осуществляется из средств республиканского бюджета.
2. В республиканском бюджете ежегодно предусматриваются отдельной строкой средства, необходимые для обеспечения деятельности Акыйкатчы и его Аппарата. Объем этих средств определяет Кабинет Министров по представлению Акыйкатчы.
3. Акыйкатчы самостоятельно разрабатывает и исполняет смету расходов.
4. Финансирование деятельности Акыйкатчы и его Аппарата может также осуществляться за счет средств, получаемых от других государств и международных организаций на основе договоров (соглашений), заключаемых Кыргызской Республикой или Акыйкатчы, а также из других источников, не противоречащих законодательству Кыргызской Республики.
5. Финансовая отчетность представляется Акыйкатчы в порядке, предусмотренном законодательством Кыргызской Республики.

**Глава 6. Заключительные положения**

**Статья 25. Вступление в силу настоящего конституционного Закона**

1. Настоящий конституционный Закон вступает в силу по истечении 10 дней со дня официального опубликования.
2. Со дня вступления в силу настоящего конституционного Закона признать утратившими силу:

1) Закон Кыргызской Республики «Об Омбудсмене (Акыйкатчы) Кыргызской Республики» от 31 июля 2002 года №136 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2002 г., №10, ст. 437);

2) Закон Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «Об Омбудсмене (Акыйкатчы) Кыргызской Республики» от 6 июля 2007 года №97 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2007 г., №7–9, ст. 666);

3) Закон Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в Закон Кыргызской Республики «Об Омбудсмене (Акыйкатчы) Кыргызской Республики» от 11 июня 2008 года №114 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2008 г., №6/2, ст. 578);

4) Закон Кыргызской Республики «О внесении изменения в Закон Кыргызской Республики «Об Омбудсмене (Акыйкатчы) Кыргызской Республики» от 18 июля 2008 года №155 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2008 г., №6/2, ст. 619);

5) Закон Кыргызской Республики «О внесении изменения в Закон Кыргызской Республики «Об Омбудсмене (Акыйкатчы) Кыргызской Республики» от 24 февраля 2009 года №62 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2009 г., №2, ст. 135);

6) Закон Кыргызской Республики «О внесении дополнения и изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики» от 25 февраля 2009 года №69 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2009 г., №2, ст. 142);

7) Закон Кыргызской Республики «О внесении дополнений и изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики (в законы Кыргызской Республики «Об Омбудсмене (Акыйкатчы) Кыргызской Республики и «О Регламенте Жогорку Кенеша Кыргызской Республики»)» от 3 марта 2010 года №41 (газета «Эркин-Тоо» от 12 марта 2010 года №17–18);

8) Закон Кыргызской Республики «О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики «Об Омбудсмене (Акыйкатчы) Кыргызской Республики» от 23 июня 2011 года №55 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2011 г., №6, ст. 550);

9) Закон Кыргызской Республики «О Национальном центре Кыргызской Республики по предупреждению пыток и других жестоких, бесчеловечных или унижающих достоинство видов обращения и наказания» от 12 июля 2012 года №104 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2012 г., №7, ст. 2715);

10) Закон Кыргызской Республики «О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики «Об Омбудсмене (Акыйкатчы) Кыргызской Республики» от 7 июля 2014 года №114 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2014 г., №7, ст. 651);

11) статью 5 Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые законодательные акты по вопросам разведывательной и контрразведывательной деятельности» от 30 июня 2022 года №53 (газета «Эркин-Тоо» от 8 июля 2022 года №60–61);

12) статью 2 Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики в сфере противодействия коррупции» от 31 декабря 2024 года №209 (газета «Эркин-Тоо» от 10 января 2025 года №1).

3. Кабинету Министров в шестимесячный срок со дня вступления в силу настоящего конституционного Закона:

1) привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим конституционным Законом;

2) принять меры, направленные на реализацию настоящего конституционного Закона.

**Президент**
**Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 22 сентября 2025 года, №203***

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
# О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПО ВОПРОСАМ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ АКЫЙКАТЧЫ (ОМБУДСМЕНА) КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 3 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122–133) следующее изменение:

часть 7 статьи 502 дополнить пунктом 3 следующего содержания:

«3) Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргызской Республики, его заместители, а также уполномоченные им сотрудники Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики – об обстоятельствах, ставших им известными в связи с исполнением своих полномочий.».

**Статья 2**

Внести в Уголовно-исполнительный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №1 (2), ст. 17) следующие изменения:

в статье 43:

а) пункт 4 части 1 признать утратившим силу;

б) в части 2 слова «Акыйкатчы (Омбудсменом) Кыргызской Республики» заменить словами «Акыйкатчы (Омбудсменом), его заместителями, уполномоченными сотрудниками Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена)».

**Статья 3**

Внести в Уголовно-процессуальный кодекс Кыргызской Республики (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122–133) следующие изменения:

1) часть 4 статьи 55 дополнить пунктом 10 следующего содержания:

«10) Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргызской Республики, его заместители, а также уполномоченные им сотрудники Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики – об обстоятельствах, ставших им известными в связи с исполнением своих полномочий.»;

2) часть 7 статьи 291 после слова «ассистент» дополнить словами «, а также Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргызской Республики, его заместители, уполномоченные им сотрудники Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики с согласия лица, в интересах которого судебное разбирательство объявлено закрытым».

**Статья 4**

Внести в Гражданский процессуальный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №1 (2), ст. 14) следующие изменения:

1) часть 5 статьи 13 после слова «переводчики» дополнить словами «, а также Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргызской Республики, его заместители, уполномоченные им сотрудники Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики с согласия лица, в интересах которого судебное разбирательство объявлено закрытым»;

2) часть 2 статьи 78 дополнить пунктом 7 следующего содержания:

«7) Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргызской Республики, его заместители, а также уполномоченные им сотрудники Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики – об обстоятельствах, ставших им известными в связи с исполнением своих полномочий.».

**Статья 5**

Внести в Административно-процессуальный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №1 (2), ст. 13) следующие изменения:

1) часть 6 статьи 13 после слова «переводчики» дополнить словами «, а также Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргызской Республики, его заместители, уполномоченные им сотрудники Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики с согласия лица, в интересах которого судебное разбирательство объявлено закрытым»;

2) часть 2 статьи 62 дополнить пунктом 7 следующего содержания:

«7) Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргызской Республики, его заместители, а также уполномоченные им сотрудники Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики – об обстоятельствах, ставших им известными в связи с исполнением своих полномочий.».

**Статья 6**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О государственной регистрации прав на недвижимое имущество и сделок с ним» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., №4, ст. 193) следующее изменение:

статью 24 дополнить пунктом 9 следующего содержания:

«9. Орган, осуществляющий государственную регистрацию прав на недвижимое имущество и сделок с ним, обязан предоставлять Акыйкатчы (Омбудсмену) Кыргызской Республики информацию о зарегистрированных правах на единицу недвижимого имущества по его письменному запросу на безвозмездной основе.».

**Статья 7**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О порядке и условиях содержания под стражей лиц, задержанных по подозрению и обвинению в совершении преступлений» (газета «Эркин-Тоо» от 2 мая 2025 года №33) следующее изменение:

в статье 19 слова «и уполномоченные сотрудники его Аппарата, члены Координационного совета при Кабинете Министров Кыргызской Республики, сотрудники Национального центра Кыргызской Республики по предупреждению пыток и других жестоких, бесчеловечных или унижающих достоинство видов обращения и наказания» заменить словами «, его заместители, уполномоченные сотрудники Аппарата Акыйкатчы (Омбудсмена) Кыргызской Республики, члены Координационного совета при Кабинете Министров Кыргызской Республики».

**Статья 8**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О коммерческой тайне» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1998 г., №4, ст. 128) следующее изменение:

часть 2 статьи 11 после слова «надзору,» дополнить словами «а также Акыйкатчы (Омбудсмен) Кыргызской Республики, его заместители».

**Статья 9**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 22 сентября 2025 года, №204***

## ЛЕГАЛДАШТЫРУУ ЖОЛ-ЖОБОСУНАН ӨТКӨН ЖАНА РЕГИОН ГРАФАСЫНДА "10" КОДУ МЕНЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО НОМЕРДИК БЕЛГИЛЕРИ БАР ТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 31-декабрындагы №398 "Автотранспорт каражаттарын легалдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгына ылайык легалдаштыруу жол-жобосунан өткөн транспорт каражаттарынын кыймылынын маселелерин тартипке салуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) легалдаштыруу жол-жобосунан өткөн жана регион графасында "10" коду менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик каттоо номердик белгилери бар транспорт каражаттарына карата төмөнкүлөргө тыюу салынат деп:

– эзликтен ажыратууга;

– Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары ташып чыгууга;

– ушул пункттун 2-пунктчасында аныкталган учурлардан тышкары башка адамга башкаруу укугун өткөрүп берүүгө;

2) төмөнкүдөй учурларда транспорт каражатын башкаруу укугун чектелүү өткөрүп берүүгө уруксат берилет деп:

– транспорт каражатынын менчик ээсинин үй-бүлө мүчөлөрүнө (жубайына, балдарынын бирине) – ырастоочу документтерди (өлгөндүгү тууралуу күбөлүктү, мурастоо тууралуу күбөлүктү, никелешүү тууралуу күбөлүктү, балдардын биринин туулгандыгы тууралуу күбөлүктү) көрсөткөндө транспорт каражатынын менчик ээси каза болгон учурда жана транспорт каражатын колдонуу укугу мурастоо тартибинде өткөрүп берилгенде;

– транспорт каражатынын менчик ээсинин үй-бүлө мүчөлөрүнө (жубайына, балдарынын бирине) же камкордукка алуучу/кезөмөлдүк кылуучу болуп дайындалган жакка – ырастоочу документтерди (камкордукка алууну/кезөмөлдүк кылууну белгилөө тууралуу соттун чечимин, никелешүү тууралуу күбөлүктү, балдардын биринин туулгандыгы тууралуу күбөлүктү) көрсөткөндө транспорт каражатынын менчик ээсин тиешелүү соттун чечиминин негизинде аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмү чектелген деп таанылган учурда.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 "Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо эрежелеринде:

– 32-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он алтынчы абзац менен толукталсын:

"– транспорт каражатынын менчик ээси каза болгон учурда жана транспорт каражатын мурастоо тартибинде колдонуу укугу өткөрүп берилгенде транспорт каражатынын менчик ээсинин үй-бүлө мүчөлөрүнө (жубайына, балдарынын бирине), ошондой эле транспорт каражатынын менчик ээси аракетке жөндөмсүз же соттун тиешелүү чечиминин негизинде аракетке жөндөмдүү чектелүү деп таанылган учурда транспорт каражатынын менчик ээсинин үй-бүлө мүчөлөрүнө (жубайына, балдарынын бирине) же камкордукка алуучу/кезөмөлдүк кылуучу болуп дайындалган жакка башкаруу укугу өткөрүп берилген легалдаштырылган транспорт каражаттарынан тышкары, легалдаштыруу жол-жобосунан өткөн жана регион графасында "10" коду менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик каттоо номердик белгилери бар транспорт каражаттары.".

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттик, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгы жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктун аткаруу боюнча зарыл болгон чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 20-сентябры, №595***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 17-АПРЕЛИНДЕГИ №207 "ИДЕНТИФИКАЦИЯЛЫК ЖЕКЕ НОМЕРДИ ЫЙГАРУУ ЖАНА ӨЗГӨРТҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик идентификациялык системанын бүтүндүгүн, автоматташтырылган мамлекеттик жана коммерциялык маалыматтык системалардын туруктуу иштешин камсыз кылуу, идентификациялык жеке номеринин (ИЖН) жана идентификациялык салык номеринин (ИСН) түзүмүндө биринчи разряддардын окшош маанилерин пайдаланууга байланыштуу келип чыккан чеңемдик жана техникалык коллизияларды жоюу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-апрелиндеги №207 "Идентификациялык жеке номерди ыйгаруу жана өзгөртүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Идентификациялык жеке номерди ыйгаруу жана өзгөртүү тартибинде:

– 3-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Ж – жынысы (Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн:

1 – аял, 2 – эркек);";

– төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

"4 – чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга ыйгарылган идентификациялык жеке номерлерди айырмалоо белгиси;".

**2.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемеси автоматташтырылган маалыматтык системаларына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү камсыз кылсын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыялanууга тийиш жана 2025-жылдын 1-июлунан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-сентябры, №598***

## "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ САЛКЫН-ТӨР МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫ" МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕСИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШ БАШКАРМАСЫНЫН КАРАМАГЫНА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Экономика тармактарын андан ары өнүктүрүү, контролдоо системасын күчөтүү, ошондой эле "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Салкын-Төр мамлекеттик жаратылыш паркы" мамлекеттик мекемесинин натыйжалуу иштешин камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик менен биргеликте "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Салкын-Төр мамлекеттик жаратылыш паркы" мамлекеттик мекемесин эмгек акы төлөөнүн колдонуудагы шарттарын сактоо менен негизги персоналдын 7 (жети) штаттык бирдиги жана техникалык жана тейлөөчү персоналдын 4 (төрт) штаттык бирдиги менен бирге, ошондой эле мүлктүк комплексти Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын карамагына өткөрүп берсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 1-тиркемесинде:

– 14-пунктта "985", "280", "665", "141" деген цифралар тиешелүү түрдө "978", "276", "658", "137" деген цифраларга алмаштырылсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы:

1) "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу Салкын-Төр мамлекеттик жаратылыш паркы" мамлекеттик мекемесин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарда белгиленген тартипте мамлекеттик кайра каттоодон өткөрсүн;

2) бул токтомдон келип чыгуучу уюштуруу жана башка чараларды көрсүн.

4. Министрликтер жана ведомстволор ушул токтомдон келип чыгуучу маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-сентябры, №599***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 11-МАРТЫНДАГЫ №120 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНДА ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНДА АДАМ РЕСУРСТАРЫН БАШКАРУУНУН АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, юридикалык жактардын ортосунда электрондук документ жүгүртүү процессинде ыкчам санариптик өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №120 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында адам ресурстарын башкаруунун автоматташтырылган маалыматтык системасы жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында адам ресурстарын башкаруунун автоматташтырылган маалыматтык системасы жөнүндө жободо:

– 3-пункттун экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат иштери боюнча мамлекеттик орган (мындан ары – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган) жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды ишке ашыруу үчүн:

– кадрдык башкаруу маселелери боюнча "e-Kyzmat" АМСти пайдаланган мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялайт;

– мамлекеттик жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу максатында эзсиздендирилген маалыматтарды жалпылайт жана талдайт;

– "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-статьясына ылайык жеке маалыматтардын субъектинин аны иштетүүгө макулдугун алууну камсыз кылат;

– "e-Kyzmat" АМСте иштелип чыгуучу жеке маалыматтар массивдерин кармоочу болуп саналат.

"e-Kyzmat" АМСти пайдалануучу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана башка юридикалык жактар:

– жеке маалыматтар массивдеринде камтылган маалыматтардын актуалдуулугун кармоону, аныктыгын жана толуктугун камсыз кылат;

– киргизилген маалыматтардын укук ченемдүүлүгү, тууралыгы жана өз убагында киргизилиши үчүн жоопкерчилик тартат.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынан, сот системасынын органдарынан, ички иштер, улуттук коопсуздук, коргоо органдарынан, аскер кызматчылары бөлүгүндө – жарандык коргонуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдан тышкары, Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматчыларынын жеке маалыматтарына жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Системада иштелип чыгууга тийиш болгон жеке маалыматтардын ичине мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөөгө кадрлар резервине киргизилген талапкерлер жана конкурстук жол-жоболордун катышуучулары жөнүндө маалыматтар да кирет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын адам ресурстарын башкаруу маселелери боюнча түзүмдүк бөлүмү ички иштер, улуттук коопсуздук, коргоо органдарынан тышкары, Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык башка мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматчыларынын жеке маалыматтарына жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.";

– төмөнкүдөй мазмундагы $22^{1}$-пункт менен толукталсын:

"$22^{1}$. "e-Kyzmat" АМСти пайдалануучулар санкцияланбаган жетүүнү, бөгөттөөнү, жайылтууну, берүүнү, ага тете аларды капысынан же санкцияланбаган жок кылууну, өзгөртүүнү же жоготууну болтурбоо үчүн жеке маалыматтарды коргоого жоопкерчилик тартат.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 22-сентябры, №600***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 1-АВГУСТУНДАГЫ №433 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫН ТЕЙЛЕП ИШТЕГЕН КЫЗМАТКЕРЛЕРГЕ ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨ ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Республикалык маанидеги шаарлардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 4-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Республикалык маанидеги шаарлардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттен республикалык маанидеги шаарлардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлердин кызматтык маяналарына кызматтык маянанын 200 пайызына чейинки өлчөмдө Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралган үстөктөрдү, жарым жылдык жана жылдык ишинин жыйынтыгы боюнча сый акыны (жыл ичинде сыйлоого эки айлык эмгек акы фондунун өлчөмүндө каражаттар жумшалат), ошондой эле шаардык кеңештин чечимдери менен бекитилүүчү төлөмдөрдү белгилейт.".

**2.** Бул токтомду ишке ашыруу республикалык маанидеги шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринин каражаттарынын чегинде жүргүзүлөт деп белгиленсин.

**3**. Республикалык маанидеги шаарлардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) ушул токтомдон келип чыгуучу тийиштүү чараларды көрсүн.

**4**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-сентябры, №603***

## РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН КАРАЖАТТАРЫНЫН ЭСЕБИНЕН КАРЖЫЛАНУУЧУ УЮМДАР ТАРАБЫНАН КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН БАШКА ЖЕРГЕ ИШКЕ КОТОРУЛГАНДЫГЫНА БАЙЛАНЫШТУУ АЛАРДЫН ЧЫГЫМДАРЫНЫН ОРДУН ТОЛТУРУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылануучу уюмдардын кызматкерлерине социалдык колдоо көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 116-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылануучу уюмдар тарабынан кызматкерлердин башка жерге ишке которулгандыгына байланыштуу алардын чыгымдарынын ордун толтуруу тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-декабрындагы №738 "Республикалык бюджеттик каражаттарынын эсебинен каржыланган уюмдар тарабынан жумушкерлердин башка жерге ишке которулгандыгына байланыштуу алардын чыгымдарынын ордун жабуу тартибин бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 3-декабрындагы №289 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 26-декабрындагы №738 "Республикалык бюджеттик каражаттарынын эсебинен каржыланган уюмдар тарабынан жумушкерлердин башка жерге ишке которулгандыгына байланыштуу алардын чыгымдарынын ордун жабуу тартибин бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-сентябры, №604***

## УЛУТТУК ЭКОНОМИКАНЫН СУБЪЕКТТЕРИНЕ КЕПИЛДИК БЕРҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин $63^1$-беренесинин 1-бөлүгүнө, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Улуттук экономиканын субъекттерине кепилдик берүү тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №253 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө жободо:

– 12-пункттун 5-пунктчасынын он биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– белгиленген тартипте кепилдикти аткаруу механизмин ишке ашырууну камсыз кылат;".

**3.** Финансы-кредиттик уюмдарга ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн Тартипти жетекчиликке алуу сунушталсын.

**4.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-июнундагы №326 "Улуттук экономиканын субъекттерине кепилдик берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы №509 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-июнундагы №326 "Улуттук экономиканын субъекттерине кепилдик берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-январындагы №42 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-июнундагы №326 "Улуттук экономиканын субъекттерине кепилдик берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-апрелиндеги №182 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-июнундагы №326 "Улуттук экономиканын субъекттерине кепилдик берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-сентябрындагы №462 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-июнундагы №326 "Улуттук экономиканын субъекттерине кепилдик берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

6) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 6-майындагы №217 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-сентябры, №605***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 20-АВГУСТУНДАГЫ №506 "АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНЫБАРЛАРЫН (ИРИ МҮЙҮЗДҮҮ МАЛДЫ, ЖЫЛКЫЛАРДЫ, КОЙЛОРДУ ЖАНА ЭЧКИЛЕРДИ) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНАН ТАШЫП ЧЫГУУГА УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана азык-түлүк товарларына базар бааларын турукташтыруу максатында, 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 29, 47-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 20-августундагы №506 "Айыл чарба жаныбарларын (ири мүйүздүү малды, жылкыларды, койлорду жана эчкилерди) Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгууга убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– мамлекеттик оператор – "Кыргыз Агрохолдинг" ачык акционердик коому экспорттоочу, ушул пунктта көрсөтүлгөн тирүү малды.";

– төмөнкүдөй мазмундагы $1^1$-пункт менен толукталсын:

"$1^1$. Бул токтомдун 1-пунктунун бешинчи абзацы 2025-жылдын 10-сентябрынан тартып күчүнө кирет деп белгиленсин.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги Дүйнөлүк соода уюмунун Коргоо чаралары боюнча комитетине жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө белгиленген тартипте кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн айыл чарба жаныбарларын мыйзамсыз ташып чыгууга бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыялануучу тийиш жана 2025-жылдын 10-сентябрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-сентябры, №606***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТРАНСПОРТ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 16-июлундагы №237 тескемесин аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 1-тиркемесинде:

– 7-пунктта "578", "496" деген цифралар тиешелүү түрдө "613", "531" деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 13-тиркемесинде:

– эскертүү төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген кызматкерлерине транспорттук контролдоо пункттарындагы иштин өзгөчө режими үчүн ай сайын 20000 (жыйырма миң) сом өлчөмүндө үстөк белгилесин.".

**3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги белгиленген тартипте "Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда 2025-жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте ушул токтомдон келип чыгуучу чыгымдарды жабуу үчүн зарыл болгон акча каражаттарын карасын.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-сентябры, №607***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АТТАНАР АЯК АЛДЫНДА

### “Алай Айымдары” кайрымдуулук коомунун мүчөсү Кундуз КОКОЧОРОВА:

# “АЛАМАН ЖАРЫШКА АТТАНЫШЫМ – АЛАЙЛЫКТАРДЫН ЧЕЧИМИ...”

***Буга дейре тар чөйрөдө, ишкерчилик менен жердештеринин арасында гана аты аталып келген Кундуз Кокочорованын дүбүртү соңку учурда коомдук, саясий майданда да угулуп, анын жарандык позициясы коомдук пикирде колдоого алынууда. Алайдан чыккан тирикарак кыз бул сапар өлкөдөгү түзүлгөн коомдук, саясий абал, эл өкүлдөрүнүн өздөрүн-өздөрү тараткан кадамдары, соңку убактагы активдүү жүрүштөрү тууралуу агынан жарыла кеп салды. Эмесе, биздин маегибизди ар ким алына жараша чечмелей турса болот.***



**- Кундуз айым, бул сапар сизди маекке көндүрүп, баарлашуу жеңилге турбады. Басма сөздөн качкан мындай жүрүшүңүздүн себебин кандайча түшүндүрөөр элеңиз?**

- “Басма сөздөн качтың” дегендей тыянагыңа кошулбайм, укам! Баягы эле көрпендечилик да, күнүмдүк кирди-чыкты иштерден кол бошобойт. Ырас, кол алдымда иштеген кызматкерлер бар, алардын ар бирине көңүл буруп, көйгөйү болсо колдон келишинче жардам берип, ишкерчиликтеги иштерим боюнча улам бир жаңычыл идеянын үстүндө алпурушуу, сырттагы кыргыздын аш-тоюу, ага кошул-ташыл боло убактыңдын жарымынан көбүн “уурдаган” Бишкектеги автотыгын, деги койчу ушул сыяктуу бирине жетишсең, көбүнө жетишпеген күнүмдүк көйгөйлөр менен алышып атып кечтин кантип киргенин да сезбей калган убакта жашап жатабыз. Ал ортодо сен да калемгерлик ыкмаңа салып, маек бер деп капталдан чыга калганың... Айтор, күнүмдүк жашоонун туткасы, сени менен маектешүүгө убакыттын чыкпай жатышынын себеби ушундай. Башка деле таң калтыра турган логика жок.

**- Бишкектеги авто-тыгын деп калдыңыз. Бирди-экиге кураган ири ишкер айымдын бул көйгөйдү чечүүдө балким реалдуу жагдайдагы сунушу бардыр...**

- Бүгүн шаар тургундарынын гана эмес, алыс-жакындан келишкен меймандардын да кыжырын кайнатып жаткан авто-тыгын боюнча көпчүлүк – борбордун мэрин күнөөлөп жатпайбы? Таңгаласың, бул көйгөйдү маселеде мэр Айбек Жунушалиевди бир беткей күнөөлөө акылга сыйбайт да, туурабы? Топтолгон ушунча жылдык көйгөйдү бир заматта чечип коюш үчүн анын колунда “сыйкыр таяк” болсо бир жөн. Элестетсеңер, Бишкек шаары кубаттуу союздун учурунда 40 миң автоунаага ылайыкталса, учурда 400 миңге чукул калаа тургундарынын жеке унаасы катталган. Буга удаа шаарга күнүгө аймактардан 300 миңге чукул унаа кирип чыгат. Бул бир күндүн гана статистикасы. Ошондуктан, бул маселени комплекстүү түрдө чечүү абзел. Көйгөйдү чечүүнүн жолдорун гезит бетиндеги 10-15 сүйлөмүбүз менен жеткилең түшүндүрө албайбыз. Бул көйгөйгө келечекте сөзсүз кайрылабыз. Алтургай парламенттин алдыдагы чакырылышынан мандат буюруп калса, миллиондогон шаар тургундарынын башкы көйгөйүнө айланган маселенин артынан түшүү артыкчылыктуу максаттарымдын бири болмокчу.

**- “Мандат буюруп калса” деп калдыңыз, алдыдагы парламенттик жарышка катышууну чечтиңизби?**

- Чечтим! Бул жеке эле менин гана чечимим эмес. Парламенттик жарышка катышуу шайлоочуларымдын, өзгөчө кичи мекеним – Алай элинин пикири. Бүгүн мени биздин ата конушубузду ээнсиретпей өмүр кечирип келе жатышкан тоо жүрөк, тоолук жердештерим чоң жарышка аттантышты. Мындай зор ишенимдери үчүн мекенибиздин не деген залкарларын, кыйындарын, кыргыздын алгачкы датка-бектерин канат күүлөп чыгарышкан Алайлыктарыма башымды ийип, таазим кылам.

**- Депутаттыкка аттануу идеясы качан келди? Же капчыгыңыздагы кыйла каражат “кытыгылай бергенинен” улам, сиз дагы көптүн бири катары өмүр баяныңызга “из калтырып” коюш үчүн ордуңузду парламенттен көргүңүз келдиби?**

- Албетте, элибизге, өзгөчө кичи мекениме мен буга чейин эле колуман келген жардамымды берип келгем. Кудай Таалам күч-кубат берсе мындан ары деле элиме ак кызматымды кыла берем. Болгону саясатта, парламентте, бийликте туруп, элге кызмат кылууга көбүрөөк мүмкүнчүлүк жаралат. Сенин суроондон улам ушул жерден кошумчалап коеюнчу. 2007-жылы болсо керек, мага тааныш кытай аял машина сурап, “Токмок шаарына алып барып кел” — деп өтүнүп калды. Анын суранычын эки кылбай, автоунаам менен барсам көптөгөн кийим-кечек, азык-түлүктүн болгон түрүн унаама салып жөнөп калдык. Көрсөткөн дарекке барсак, ал жер интернат экен. Мени айдатып келген тааныш кытай жетим балдарга жардам берип, аларды башынан сылаганын көрүп, мен эмне жүрөм? – деп өзүмө-өзүм суроо берип, аябай уялып, намыстандым. Ошонун эртеси күнү дал ошол интернатка Бурул деген нарындык эже менен кайра жардам колун сунганга барып, ушул кезге чейин ал жактан кол үзбөйм. Кийин “Алай Айымдары” кайрымдуулук коому менен активдүү кол кабыш кылдык. Бул эми чети гана. Анан калса мен бир беткей эле Алайга гана эмес, өлкөбүздүн баардык булуң-бурчтарындагы муктаждарга колумдан келген жардамды аягым келбейт. Өзгөчө элге жардам берүүмө 2020-жылдагы таажы ылаңы убагы (пандемия учурунда) көп жагынан шыкак берди. Ааламды каптаган аты жаман дарттын Кыргызстаныбызды кыйгап өтпөй, элибиздин башына оор мүшкүл түшкөнү жан дүйнөмдү жаралап, жүрөгүмдү оорутту. Ошол ирмемдерде борбор шаарыбыз Бишкектин ичинде шаардыктарга, өзгөчө сиз айткандай “жону жука”, муктаж катмардагыларга азык-түлүк, дары-дармектен керектүү кем-карчтарын алып берип, өзүм да эркектерден кем калбай жеткирип, ташып жүрдүм. Ошондой оор күндөрдө кыргыздын көп кыздарынын башы бирикти. Элге-журтка колдон келишинче кызмат кылышты. Андай топто биздин “Алай Айымдары” кайрымдуулук коомунун кыздары да бар. Биздин топтогу кыздар да пандемия убагында кичи мекенибизге буга чейин жана ушул тапта дагы колдорунан келишинче, мүмкүнчүлүктөрүбүздүн жетишинче Алай районунун социалдык, экономикалык жактан өсүшүнө, райондогу материалдык муктаж катмарга жардам берип келишет. Ал эми мындай жардамды биздин кайрымдуулук коомубуздагы кыздар жана жеке өзүм “эл көрсүнгө” салып же кандайдыр бир упай топтоо максатында кылбайбыз. Бардыгы Жаратканды ыраазычылыгы үчүн. Түптүү элибиздин “элге бергениң текке кетпейт” деген баалуулугу бар. Башкысы, Жараткан Кудайдын ыраазычылыгын алуу. Дагы айтам, мунун баарын башта айтканымдай “кожо көрсүн” үчүн эмес, Жараткан Кудайдын ыраазычылыгы үчүн кылган иштерден. Дал ушундай иштерди мындан ары да аркалап, бул жаатка тиешелүү мыйзам долбоорлорун демилгелөөнүн үстүндө парламентте иштесемби деген максатта жердештеримдин колдоосу менен чоң жарышка аттанып отурам. Эгерде Кудай колдоп, эл колдоп, мандатка жетсем – депутаттык иш планымда аялдардын аярлуу катмарына, айымдар арасындагы зордук-зомбулук, кыз-келиндер арасындагы көйгөйлүү маселелер менен алпурушуу менин башкы максаттарымдын бири болмокчу.



**- Өздөрүн-өздөрү таратуу жолуна барышкан, эл алдындагы жоопкерчилигин сезбеген аракеттеги эл өкүлдөрүнүн мындай кадамына кандай баа берээр элеңиз?**

- Кандай баа берүүгө болсун? Өздөрүн-өздөрү таратууга барып жатышса, демек мезгилдин талабы ушундай болсо керек. Алардын аракетине бааны эл, карапайым шайлоочулар, а эң башкысы тарых берээр. Мага мамлекеттин тынчтыгы, элдин ынтымагы, жакшы жашоосу – башкы маселе.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**



ЧОҢ ЖАРЫШТЫ УТУРЛАЙ

### Саясий илимдердин кандидаты, доцент, докторант Чолпонбек СЫДЫКБАЕВ:

# “ЭЛИБИЗ КЫМБАТЧЫЛЫККА ЧЫДАЙТ, АДИЛЕТСИЗДИККЕ ЧЫДАБАЙТ...”

***Буга дейре ЖМК аркылуу улуттук коопсуздук, билим берүү, илимдеги маселелер боюнча өзүнүн өзгөчө пикирлерин билдирип келген маектешим бул сапар ушул күндөрү күндүн темасына айланып жаткан парламенттин таркашы, кезексиз шайлоо боюнча кезектеги ташка тамга баскандай жүйөөлүү кептери менен бөлүштү. Жөн гана үстүртөн сөз кылбай, бу жаатты кадимкидей “жиликтеген” саясат таануучунун кеби окурмандарды да кайдыгер калтырбаса керек...***

**- Чолпонбек мырза, Жогорку Кеңештин депутаттарынын өздөрүн-өздөрү таратууга карай кадамдары коомчулукта ар кандай кабылданып, түрдүү саясий боёктор сүртүлүүдө. Алардын мындай батыл ишке кириши “мезгилдин талабына жооп бере албай, ишке жарабай калдык” дегендери эле да, туурабы? Эл ишенимин соңуна чейин аткара албаган мындай эл өкүлдөрүнүн кийинки шайлоого катышуу укугу мыйзам чегинде болгону менен моралдык жактан кайрадан жарышка аттанууга укуктары бар деп ойлойсузбу?..**

- Биз тээ 1990-2000-2010-жылдары ашынган либерализм менен “ооруп жүргөндө” деле Ак үйдүн 7-кабатынан парламенттик шайлоолор боюнча пландар түзүлүп, түрдүү саясий “оюндар” болуп келген. Басым жана көшөгө артындагы “оюндардан” улам эгемендүүлүктүн тарыхында Жогорку Кеңеш өздөрүн-өздөрү тараткан учурлар болгон. Ал эми моралдык жоопкерчилик бизде жокко эсе. Бирок, азыркы чакырылыштагы курамдын жарымынан көбү шайлоого барып, жыйынтыгында алардын 3/1%ы кайтып келет болуш керек. Моралдык укук дейсиң, саясат болгон жерде моралдык жоопкерчилик кайда?

**- Кезегинде Жогорку Кеңештин III чакырылышындагы эл өкүлдөрү да өздөрүн-өздөрү таратып, соңунда парламенттин IV чакырылышына эң алсыз депутаттык корпус түзүлгөнүн билсеңиз керек. Айтыңызчы, келе турган чакырылыштагы мандат ээлери ансыз да коомчулуктун кескин сынына кабылып, майданып бүткөн азыркыдай эл өкүлдөрүнөн да чабал болуп калуу коркунучу жокпу?**

- Илгери можаритардык шайлоодон күчтүү депутаттар келчү. Ал убакта Союздук билим, СССРдин инерциясы бар эле. Азыр эми тээ 1990-2000-жылдары жетим калып, кедеринен кеткен билим берүү системасынын жыйынтыгы менен “түшүмү” таман тиреп келип калды да. Бир кездери Бишкек шаарынан айтылуу Муратбек Мукашев, Кубатбек Байболов өңдүү чыгаан интеллектуал, азуусун айга жанган саясатчылар Жогорку Кеңешке депутат болушчу. А азырчы? Өткөн чакырылышта кандай болду? Мына ошолордой саясий сахнанын көркүн чыгара алган саясатчылардын мууну келсе дейт элем. Керек болсо ушул эки үлкөн инсанга окшогондор саясатчылар мектебин же биз түзгөн улуттук кызыкчылыктар институтуна келип, жаштарга лекция окуп берип турушса болмок. Эгер андай аракеттер саясатчылардын мурунку муунунда болбосо, коом да буга кызыкдар болбосо жыйынтыгы жакшы болбойт.

**- Эгерде парламенттик шайлоо жарыяланса, Кыргызстанда бардык округдар боюнча өз талапкерлерин коюп, парламенттин жарымынан көбүн ээлегенге белсене турган кайсы партиялар бар? Дегеле бизде ошондой саясий күчтөр барбы?**

- Бизде андай бир да партия, бир да саясий күч жок. Бизде партия деле “кол жоолукка” айланып, коньюнктурщиктердин клубуна айланганы жалганбы? Керек болсо партиялык парламент, парттизме менен шайлоо учурунда да КСДП, Ата Мекен, Ар Намыс сыяктуу партиялар шайлоого старт берилгенде штабдарын ачып, шайлоо бүтөөрү менен жабылып, алар отурган имараттарды кара кулпу кайтарып калчу. Эгер кайсы бир партия шайлоо бүтсө, жеңилсе да штабдарында, ар бир айылда бирден киши калтырып, үзгүлтүксүз аракетте болсо бардык округдарда жеңүү мүмкүнчүлүгү жогору болмок. Бирок, бизде бир да партия анткен жок. Бийлик алмашкан сайын саясий бийликтин тегерегинде утур жаңы партиялар жарала берип, партлидерлер парттизменин ашмалтайын чыгарышпадыбы. Коммунисттер, олигарх либералдар, консерваторлорго демократтар камчысын сүйрөп келе берип, Кыргызстандын шартында партияларда идеологиялык принциптер жок болуп, “боло берет кыргызда” дегендей болуп калды.

**- Мөөнөтү бүтүп бараткан парламентке интернет колдонуучулар “азыркы заманда көп эле нерсенин баркы кетти дечи. Бирок, мобу Жогорку Кеңеш менен Шаардык кеңештин Ардак грамотасындай эч нерсенин баркы кеткен жок окшойт” деген сыяктуу сындарды жаадырышууда. Сиз көпчүлүктүн мындай сындарына кошуласызбы?**

- Ооба, сен айткандай Жогорку Кеңеш менен шаардык кеңештин Ардак грамоталары маал-маалы менен пачкалап таратылып турду. Мага да сунуш болгондо, кесир болбосун, мен мындай сыйлыктан сыпайы эле баш тартканым туура болуптур деп коём. Жогорку мамлекеттик сыйлыктарга мораторий биринчи иретте ушуларга кирсе болмок. Эл арасында, коомчулукта сыйга татыктуу болбосоң, сени көпчүлүк катмар тааныбаса, өзгөчөлөнгөн кайсы бир эмгегиң болбосо, өң тааныш-билиштикке салып алган Грамотаңдын текчеңди толтургандан башка мааниси канча дейсиң?!

**- Бир мандаттуу шайлоо округу эски режимдердин тушунда адатта көп чыр-чатактар менен коштоло турган. Бул сапар эски өнөкөттөр болуп кетпейби? Же бизде саясий маданият калыптанып, элдин саясий жактан аң-сезими өстүбү?**

- Бул жерде кеп саясий маданияттын өскөнүндө эмес, кептин баары “генералдык линияда”. Элдин шайлоо укугун тартып алуу, көчмөн эл үчүн кечиримсиз. Ай карабаган, күн карама эмес, өз жүзү, принциптери бар эл өкүлдөрү парламентке келсе коом үчүн деле, асыресе бийлик үчүн деле жакшы.

**- Биз канткенде эл өкүлдөрүн “кыргызбайлык” же өңчөй өңтааныштык сапаттар менен шайлоодон кутулабыз? Же кыргыздын “кан-жанына сиңген” мындай кеселден азырынча кутула албайбызбы?**

- Балекеттин баары үгүтчүлөрдү жалдап, штабдарды ачкандан болуп жатпайбы. Бизде шайлоо үгүтчүлөрдү жалдоонун жарышына айланганы жалганбы? Эң ириде талапкерлер өздүк программаларды таратуу, анан теле-дебаттар менен эле чектелсе болмок. Минткендин ордуна талапкерлер айыл аралап, тууган жоро-жолдош, куда-сөөк издеп, үймө-үй кыдырып кетүү жогорудагыдай терс көрүнүштөргө алып барып такап жатат. Мындай өнөкөт бизде тээ илгерки бий шайлоодон бери кубулуп, терисин алмаштырып келе жаткан эски оору. Кыргыз кымбатчылыкка чыдап жашай берет. Асты адилетсиздикке, саясий жасалмалуулукка чыдабайт.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

# 20 МЛН СОМДУК СПОРТ АЯНТЧАСЫ ШААРДЫКТАР ҮЧҮН

***Базар-Коргон шаарындагы Үсөн Сыдыков атындагы эс алуу багында “Фемили креативных групп” компаниясы тарабынан ишке ашырылып жаткан 220 млн сомдук долбоордун алкагында иштер башталып, анын ичинен 20 млн сомдук бөлүгү ишке ашырылып, балдар үчүн оюн аянтчасы, футбол, волейбол жана баскетбол ойноочу аянтчалар курулуп, шаар тургундарынын пайдалануусуна берилди.***



Ачылуу аземине Жогорку Кеңештин депутаттары Бактыбек Сыдыков менен Таалайбек Масабиров, Президенттин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Тилек Текебаев, «Кыргызавтожол-Түштүк» мамлекеттик ишканасынын башкы директорунун биринчи орун басары Темирлан Осмонов, Базар-Коргон районунун акими Талант Эдилов, шаар мэри Нурмухаммед Мамбеталиев жана жергиликтүү тургундар катышышты.

- Өткөн кылымдын 80-жылдарынын башында ошол учурдагы райондун башчысы Үсөн Сыдыковдун демилгеси менен таштак жерге көчөт тигилип, ушул бакты уюштурушкан экен. Кийин заман өзгөрүп бак кароосуз калып, кооптуу жайга айланган болчу. 2021-жылы биздин ишканабыз бакты кайрадан көрктөндүрүү идеясын көтөрүп чыгып, атайын тендерге катышып, ижарага алганбыз. Эс алуу багында өз күчүбүз менен оңдоп-түзөө иштерин баштап, жолдоруна брусчатка төшөп, түнкү чырактар жана отургучтар орнотулуп, заманбап аттракциондорду койгонбуз. Чынында эле райондо Президентибиз баса белгилеген ишкерликти өнүктүрүү саясаты туура жолдо баратат. Бүгүнкү күндө эс алуу багыбыз Базар-Коргондун көркү болуп, элибиздин сүйүктүү эс алуу жайына айланды. 30дан ашуун жаран туруктуу жумуш менен камсыз болуп, мамлекетке миллиондоп салыктар төлөнүп жатат. Өзүбүздүн демилгебиз менен шаарыбыздын тургундарынын эс алуусу үчүн шарттарды түзүп, акысыз балдар ойноочу аянтча, спорттук иш-чаралар өтүүчү спорттук аянтчаларды куруп, жалпысынан 20 млн сомдук объектилерди Базар-Коргон шаардык мэриясынын балансына өткөрүп берип жатабыз. Учурдан пайдаланып, бизге колдоо көрсөткөн районубуздун акими Талант Эдиловго, шаардын мэри Нурмухаммед Мамбеталиевге жана буга чейин иштеп кетишкен район-шаарыбыздын жетекчилерине, шаар тургундарына жана конокторуна ыраазычылык билдиребиз, - деди “Фемили креативных групп” компаниясынын директору Аскербек Нурбаев.



Иш-чаранын соңунда келген коноктор «Фемили» ресторанынын өзгөчө балмуздагынан даам татышып, оюн-күлкү коштогон концерттик программага, спорттук мелдештерге күбө болушту.

**Шекербек КАЛЫКОВ,**
**Нурмамат ажы Сапарбаевдин фотолору**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК БАЖЫ КЫЗМАТЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 14-июлундагы №205 “Салык жана бажы чөйрөсүндөгү мамлекеттик башкаруунун айрым маселелери жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу, түшүүлөрдү салыктык жана бажылык башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттик Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматына кошуу жолу менен кайра уюштурулсун.

**2. Төмөнкүлөр кайра аталсын:**

1). Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы “Салык Сервис” мамлекеттик мекемеси Кыргыз Республикасынын

Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы “Салык Сервис” мамлекеттик мекемеси болуп;

2). Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын алдындагы “Тышкы соода чөйрөсүндөгү “Бирдиктүү терезе борбору” мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын алдындагы “Тышкы соода чөйрөсүндөгү “Бирдиктүү терезе борбору” мамлекеттик ишканасы болуп.

**3.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу

Мамлекеттик салык кызматы жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын башкаруу схемасы 2-тиркемеге ылайык;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын башкаруу схемасы 4-тиркемеге ылайык.

**4.** Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттиктин укук улантуучусу болуп саналат деп;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын укук улантуучусу болуп саналат деп.

**5.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-августундагы №604 “Мамлекеттик бюджеттин кирешe бөлүгүнүн долбоорун түзүү маселелерин уюштуруу жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын бюджетинин ресурстарынын администраторлорунун функцияларын аткаруу боюнча колдонмодо:

– жогоруда аталган Колдонмонун тиркемесинде:

11–16, 19, 22, 24, 25-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы 33, 34-главалар менен толуктaлсын:

“

| | |
|---|---|
| | **33. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы** |
| 204 | Калктуу конуштардан таштандыларды чыгаруу үчүн жыйым |
| 205 | Баалуу металлдардан жасалган зергердик жана башка тиричилик буюмдарын пробалоо, талдоо жана эн тамга басуу үчүн жыйымдар |
| 206 | Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр |
| 207 | Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык салыктар |
| 208 | Этил спиртин жана алкоголдук продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү боюнча ишти жүзөгө ашыруу үчүн жыйым |
| 209 | Айыптар жана туумдар |
| 210 | Лицензия берүү үчүн мамлекеттик алым |
| 211 | Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка салыктык эмес кирешелер |
| | **34. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы** |
| 212 | Мамлекеттин пайдасына айландырылган кирешелер |
| 213 | Аныкталган контрабанданы сатуудан түшкөн кирешелер |
| 214 | Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз калган мүлктү сатуудан түшкөн кирешелер |
| 215 | Кызматтык-издөө иттерин сатуудан түшкөн кирешелер |
| 216 | Айыптар, туумдар, айыптар боюнча финансылык санкциялар |
| 217 | Акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүдөн түшүүлөр |
| 218 | Евразия экономикалык бирлигинин Бажы кодексине, Кыргыз Республикасынын Салык кодексине жана Кыргыз Республикасынын бажы иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык алынуучу бажы төлөмдөрү, атайын демпингге каршы, компенсациялык алымдар |
| 219 | Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык салыктар |

”.

**6.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-февралындагы №52 “Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын тартиптик уставын бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын тартиптик уставында:

– аталган Тартиптик уставдын 3-тиркемеси ушул токтомдун 5 - тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**7.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 13-февралындагы №79 “Бажы иши чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Айрым бажы жолжоболорун колдонуу боюнча нускамада:

– 38, 109, 132, 139-пункттарда “Өкмөтү” деген сөз “Министрлер Кабинети” деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Бажы төлөмдөрүн, атайын, демпингге каршы жана компенсациялык алымдарды эсептөөнү жана төлөөнү контролдоо боюнча нускамада:

– 17-пункттун экинчи абзацында “Өкмөтү” деген сөз “Министрлер Кабинети” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– жогоруда аталган Нускаманын 6-тиркемесинде:

3-пункттун экинчи абзацында, 4-пунктта “Финансы министрлигине” деген сөздөр “Министрлер Кабинетине” деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Бажы өкүлдөрүнүн кызматкерлерине квалификациялык талаптарда:

– аталган Квалификациялык талаптардын тиркемесинде “Финансы министрлигине” деген сөздөр “Министрлер Кабинетине” деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Бажылык текшерүү тартибинде:

– аталган Тартиптин 2-тиркемесинде “Финансы министрлигине” деген сөздөр “Министрлер Кабинетине” деген сөздөргө алмаштырылсын;

5) жогоруда аталган токтомдун 16-тиркемесинде “Финансы министрлигине” деген сөздөр “Министрлер Кабинетине” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**8.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 12-февралындагы №38 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жаңы түзүмү бекитилгендигине жана Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органдарын реформалоого байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 2-пункттун он үчүнчү, он төртүнчү абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын.

**9.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-ноябрындагы №242 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы бекитилгендигине байланыштуу уюштуруу чаралары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 4-пункттун 16, 17-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын.

**10.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №250 “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жөнүндө жободо:

– 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 3, 4-пунктчалар менен толукталсын:

“3) этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү, импорттоо, сактоо жана жүгүртүү чөйрөсүндөгү, ошондой эле биоэтанолду өндүрүүнү жана жүгүртүүнү жөнгө салуу чөйрөсүндөгү бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу боюнча;

4) баалуу металлдардан жана асыл таштардан жасалган зергердик жана башка буюмдарды өндүрүү жана жүгүртүү, Кыргыз Республикасынын аймагында аталган баалуулуктар менен операцияларды аткаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу боюнча.”;

– 11-пункттун 7-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“– баалуу металлдардан жана асыл таштардан жасалган зергердик жана башка буюмдарды өндүрүү жана жүгүртүү, Кыргыз Республикасынын аймагында аталган баалуулуктар менен операцияларды аткаруу;

– этил спиртин, алкогол жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү, импорттоо, сактоо жана жүгүртүү;”;

– 12-пунктта:

1-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“– баалуу металлдардан жана асыл таштардан жасалган зергердик жана башка буюмдарды өндүрүү жана жүгүртүү, Кыргыз Республикасынын аймагында көрсөтүлгөн баалуулуктар менен операцияларды аткаруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгат;

– этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү, импорттоо, сактоо жана жүгүртүү чөйрөсүндө, ошондой эле биоэтанолду өндүрүүнү жана жүгүртүүнү жөнгө салуу чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгат;

– этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү, импорттоо, сактоо жана жүгүртүү тармактарына системалуу талдоо жүргүзөт жана өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктайт;”;

3-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“– алкоголдук жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү, импорттоо, сактоо жана жүгүртүү жаатында инвестициялык программалардын ишин координациялайт, колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү үчүн алардын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзөт;

– этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү, импорттоо, сактоо жана жүгүртүү, жаңы индустрияларды өнүктүрүү жана түзүү жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашырууну координациялайт;

– этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү, импорттоо, сактоо жана жүгүртүү чөйрөсүн жакшыртуучу чараларды иштеп чыгууну жана ишке ашырууну координациялайт;

– этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү, импорттоо, сактоо жана жүгүртүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө келип түшүүчү техникалык жана гранттык жардамды координациялайт;

– Бажы биримдигинин/Евразия экономикалык биримдигинин алкоголдук жана спирт камтыган продукцияларды өндүрүү жана жүгүртүү жаатындагы тиешелүү техникалык регламенттеринин алкоголдук жана спирт камтыган продукцияларды өндүрүү, жүгүртүү, жөнгө салуу объекттерин пайдалануу маселелери боюнча алкоголдук жана спирт камтыган продукциянын ата мекендик өндүрүүчүлөрү менен макулдашылган Кыргыз Республикасынын жыйынды позициясын даярдоо жана сунуштоо боюнча иштерди координациялайт;”.

**11.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №253 “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жөнүндө жободо:

– 1-пункттун 1-пунктчасынын жетинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– баалуу металлдарды жана асыл таштарды жүгүртүү жана эсепке алуу, алардан жасалган буюмдарды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик фондунун жана Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик запастарынын баалуулуктарын сактоо жана эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын аймагында көрсөтүлгөн баалуулуктар менен операцияларды аткаруу;”;

– 11-пунктта:

4-пунктчанын үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– баалуу металлдарды жана асыл таштарды жүгүртүү жана эсепке алуу, алардан жасалган буюмдарды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик фондунун жана Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик запастарынын баалуулуктарын сактоо жана эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын аймагында көрсөтүлгөн баалуулуктар менен операцияларды аткаруу;”;

5-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“5) салыктык эмес кирешелерди башкаруу;”;

– 12-пунктта:

1-пунктчада:

жыйырма алтынчы абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– баалуу металлдарды жана асыл таштарды жүгүртүү жана эсепке алуу, алардан жасалган буюмдарды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик фондунун жана Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик запастарынын баалуулуктарын сактоо жана эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын аймагында көрсөтүлгөн баалуулуктар менен операцияларды аткаруу чөйрөсүндөгү саясатты иштеп чыгат жана ишке ашырат;”;

отуз биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– салыктык эмес кирешелерди башкаруу функцияларын координациялоону камсыз кылат;”;

*(Уландысы 15-бетте)*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК БАЖЫ КЫЗМАТЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

*(Башталышы 14-бетте)*

2-пунктчада:

төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– баалуу металлдарды жана асыл таштарды жүгүртүү жана эсепке алуу, алардан жасалган буюмдарды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик фондунун жана Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик запастарынын баалуулуктарын сактоо жана эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын аймагында көрсөтүлгөн баалуулуктар менен операцияларды аткаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашырат;";

бешинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

3-пунктчада:

алтынчы абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун 6-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

12. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги | 1124 | 253 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 257 | 48 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 526 | 145 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 341 | 60 |
| 1) 2026-жылдын 1-январынан тартып | | | |
| | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги | 1134 | 253 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппараты | 257 | 48 |
| | аймактык бөлүмдөрү | 526 | 145 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 351 | 60 |

";

– $19^1$-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы $19^7$, $19^8$-пункттар менен толукталсын:

"

| | | | |
|---|---|---|---|
| $19^7$ | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы | 3332 | 454 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппарат | 422 | 45 |
| | аймактык бөлүктөр | 2739 | 406 |
| | ведомстволук бөлүктөр | 171 | 3 |
| $19^8$ | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы | 1341 | 271 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппарат | 184 | 82 |
| | ведомстволук бөлүмдөрү | 1156 | 187 |
| | чет өлкөдөгү өкүлчүлүк | 1 | 2 |

";

2) жогоруда аталган токтомдун 4-тиркемесинде:

– эскертүүнүн 4-пунктунун төртүнчү, бешинчи абзацтарында "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

жогоруда аталган токтомдун 5-тиркемесинде:

– 19-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

– 30, 31-пункттарда "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– эскертүүнүн 1-пунктунда:

2-пунктчанын сегизинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинде, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинде, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинде, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматында жогоруда аталган милдеттерди мамлекеттик органдын жетекчисинин биринчи орун басарынан кийин орун басарларынын ортосунда башкача бөлүштүрүүгө жол берилет;";

3-пунктчанын он бешинчи абзацы төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын: "Мамлекеттик органдын биринчи жетекчисинин чечими боюнча санариптик өнүктүрүү чөйрөсүндөгү функциялар ал тарабынан өз алдынча координацияланышы мүмкүн.".

**13.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №302 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункттун 1–4-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаменти жөнүндө жободо:

– 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Департамент Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин (мындан ары – Министрлик) баалуу металлдарды жана асыл таштарды жүгүртүү жана эсепке алуу, алардан жасалган буюмдарды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик фондунун жана Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар мамлекеттик запастарынын баалуулуктарын сактоо жана эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын аймагында көрсөтүлгөн баалуулуктар менен операцияларды аткаруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча функцияларды жүзөгө ашыруу боюнча ведомстволук бөлүм болуп саналат.";

– 10-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"10. Департаменттин ишинин максаты баалуу металлдарды жана асыл таштарды жүгүртүү жана эсепке алуу, алардан жасалган буюмдарды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар жана асыл таштар мамлекеттик фондунун жана Кыргыз Республикасынын баалуу металлдар мамлекеттик запастарынын баалуулуктарын сактоо жана эсепке алуу, Кыргыз Республикасынын аймагында көрсөтүлгөн баалуулуктар менен операцияларды аткаруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу болуп саналат.";

– 11-пункттун 4, 5-пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын;

– 12-пунктта:

1-пунктчанын жетинчи, он биринчи – он бешинчи, он жетинчи, он тогузунчу – жыйырма биринчи, жыйырма үчүнчү абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

2-пунктчанын экинчи, үчүнчү, сегизинчи абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

3-пунктчанын үчүнчү – алтынчы абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын.

**14.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №134 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы "Салык Сервис" мамлекеттик мекемеси жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2, 4, 5, $5^1$-пункттарда "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 6-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы "Салык Сервис" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жободо:

– аталышында, 1-пунктта, 3-пункттун экинчи абзацында "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы $1^1$-пункт менен толукталсын:

"$1^1$. "Салык Сервис" ММ Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы "Салык Сервис" ММдин укук улантуучусу болуп эсептелет.";

– 4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. "Салык Сервис" ММдин толук фирмалык аталышы:

1) мамлекеттик тилде: "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы "Салык Сервис" мамлекеттик мекемеси";

2) расмий тилде: "Государственное учреждение "Салык Сервис" при Государственной налоговой службе при Кабинете Министров Кыргызской Республики";

англис тилинде: "State institution "Salyk Service" under the State Tax Service under the Cabinet of Ministers of the Kyrgyz Republic".";

– 12-пункттун 11-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11) өзүнүн компетенциясынын чегинде мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик кызматтарды, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларга (мекемелерге) жарандык мыйзамдарда ылайык башка кызматтарды көрсөтүүгө;";

– 19-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"19. "Салык Сервис" мамлекеттик ишканасынын директорунун эки орун басары болот, алар ыйгарым укуктуу салык органы менен макулдашуу боюнча директордун буйругу менен кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.";

– 23-пунктта "директордун орун басары" деген сөздөр "милдеттердин бөлүштүрүлүшүнө ылайык директордун орун басарларынын бири" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы "Салык Сервис" мамлекеттик мекемесинин кызматкерлеринин кызматтык маяналарынын өлчөмдөрүн аныктоодо колдонулуучу кызматтык маяналарга эселөө коэффициенттеринде:

– аталышында "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**15.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-мартындагы №159 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонду жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышында, 1-пунктта "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонду жөнүндө жободо:

– аталышында, 1, 2-пункттарда, 3-пункттун 7, 8-пунктчаларында "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 4-пунктта:

экинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

үчүнчү абзацта "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**16.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Ушул пункттун 1–5-пунктчаларында каралган, жогоруда көрсөтүлгөн төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын инженердик-техникалык тобунун кызматкерлерине жайылтылбайт.";

2) жогоруда аталган токтомдун 35-тиркемесинде:

эскертүү төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Жогоруда аталган ченемдер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын инженердик-техникалык тобунун кызматкерлерине жайылтылбайт.".

**17.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги №178 "Евразия экономикалык биримдигин Кыргыз Республикасындагы бажы чек арасынын автомобилдик өткөрмө пункттарында санитардык-карантиндик, фитосанитардык, ветеринардык жана транспорттук контролдоону (көзөмөлдөөнү) ишке ашыруунун айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 2, 5-пункттарда "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесинин 8-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

**18.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-апрелиндеги №236 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматын өнүктүрүү фонду жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышында, 1-пунктта "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматын өнүктүрүү фонду жөнүндө жободо:

– аталышында, 1-пунктта "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 3-пунктта:

1-пунктчада "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

5-пунктча "кызмат көрсөтүүлөр үчүн" деген сөздөрдөн кийин ", анын ичинде окутуу-методикалык процессти ишке ашыруу үчүн айкалыштырып иштөө шартында профессордук-окутуучулук курамды тартуу үчүн" деген сөздөр менен толукталсын.

*(Уландысы 16-бетте)*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК БАЖЫ КЫЗМАТЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

*(Башталышы 15-бетте)*

**19.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 12-июнундагы №334 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе" борбору" мамлекеттик ишканасынын маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пунктта "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе" борбору" мамлекеттик ишканасынын уставында:

– аталышында, 1, 2, 4-пункттарда "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 8-пунктта:

экинчи абзацта "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

үчүнчү абзацта "Финансы министрлигине" деген сөздөр "Министрлер Кабинетине" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**20.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 7-июлундагы №400 "Түндүк" ачык акционердик коому түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 3-пункттун 1-пунктчасы "Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети" деген сөздөрдөн кийин ", Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы" деген сөздөр менен толукталсын.

**21.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-майындагы №288 "Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 15-ноябрындагы №326 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун райондук/региондук бөлүмдөрүн жана өкүлчүлүктөрүн пилоттук жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын убактылуу жетектөөсүнө өткөрүп берүү боюнча пилоттук долбоор жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу боюнча айрым чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1-пунктта:

– биринчи абзацта "542" деген цифралар "549" деген цифраларга алмаштырылсын;

– 1-пунктчада "215" деген цифралар "222" деген цифраларга алмаштырылсын.

**22.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаменти Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы менен биргеликте бул токтом күчүнө кирген датадан тартып эки күндүк мөөнөттө бюджеттик каржылоону жана материалдык-техникалык жабдууну белгиленген тартипте кабыл алуу-өткөрүп берүү үчүн ведомстволор аралык комиссия түзсүн.

**23.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияларды чыгарууну жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттиктин өткөрүп берүү актысын бекитсин.

**24.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы:

1) бул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн;

2) өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**25.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы №347 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №302 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

2). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-сентябрындагы №510 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттиктин маселелери жөнүндө" токтому;

3). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги №218 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №302 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

4). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-сентябрындагы №470 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин салык салуу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

5). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы №515 "Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жана жок кылуу тартибинин маселелери боюнча айрым чаралар жөнүндө" токтомунун 4-пункту;

6). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-февралындагы №56 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-сентябрындагы №510 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Этил спиртин, алкоголдук продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттиктин маселелери жөнүндө" токтому;

7). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги №169 "Этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтылган продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү чөйрөсүндө мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

8). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №229 "Чек талап кылып, байге утуп ал!" кызыктыруучу лотереясынын байге фондун түзүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомунун 1-пункту;

9). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-майындагы №256 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын ишинин маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

10). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-августундагы №531 "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын ишинин маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

11). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 27-мартындагы №157 "Кара-Балта спирт заводу" мамлекеттик ишканасынын ишинин маселелери жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

12). Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-апрелиндеги №195 "Мамлекеттик бажы инфраструктурасы" ачык акционердик коомунун айрым маселелери жөнүндө" токтомунун 5-пункту.

**26.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**27.** Бул токтом 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирүүчү 15-пунктунун 2-пунктчасынын төртүнчү абзацын кошпогондо, расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 19-сентябры, №592***

## 2025–2030-ЖЫЛДАРЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАРДЫН КЕЛИП ЧЫГУУ ТОБОКЕЛДИКТЕРИН АЗАЙТУУ БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 27-февралындагы № 68 "2025–2030-жылдары Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу тобокелдиктерин азайтуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) 2025–2030-жылдары Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу тобокелдиктерин азайтуу боюнча иш-чаралар планы (мындан ары – Иш-чаралар планы) 1-тиркемеге ылайык;

2) Иш-чаралар планынын индикаторлор матрицасы 2-тиркемеге ылайык;

3) Иш-чаралар планында каралган иш-чаралардын ресурстук наркын баалоо 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Иш-чаралар планын ишке ашырууга тартылган мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

1) Иш-чаралар планын белгиленген мөөнөттө аткаруу боюнча чараларды көрсүн;

2) квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 5инен кечиктирбестен Иш-чаралар планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине берип турсун.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги квартал сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 25ине чейин Иш-чаралар планын аткаруунун жүрүшү жөнүндө жалпыланган маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берип турсун.

**4.** Бул токтомду ишке ашыруу мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетинде тиешелүү жылга каралган каражаттардын жана штаттык санынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын чегинде жүргүзүлөт деп белгиленсин.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-сентябры, №601***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 29-ИЮЛУНДАГЫ №418 "МАМЛЕКЕТТИК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИН КЫЗМАТКА ДАЙЫНДОО, БОШОТУУ ЖАНА АТТЕСТАЦИЯЛОО ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

**ТОКТОМУ**

Электрондук ведомстволор аралык маалымат алмашууга өтүү жолу менен мамлекеттик органдардын жарандардан документтердин көчүрмөлөрүн милдеттүү нотариалдык күбөлөндүрүү талаптарын жокко чыгаруу (жөнөкөйлөтүү) боюнча милдеттерди ишке ашыруу, жол-жоболорду өтүү мөөнөттөрүн кыскартуу жана административдик тоскоолдуктарды азайтуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы №418 "Мамлекеттик жогорку окуу жайлардын жетекчилерин кызматка дайындоо, бошотуу жана аттестациялоо тартиби жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Мамлекеттик жогорку окуу жайлардын жетекчилерин кызматка дайындоо, бошотуу жана аттестациялоо тартибинде жөнүндө жободо:

– 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. "Улуттук" деген статусу бар мамлекеттик жогорку окуу жайынын жетекчисинин кызмат ордуна сунушталган талапкерди дайындоо жөнүндө сунушка төмөнкү документтер тиркелет:

1) кадрларды эсепке алуу боюнча өздүк баракча;

2) илимий эмгектердин тизмеси;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген квалификациялык талаптарга ылайык билими, окумуштуулук даражасы жана наамы жөнүндө документтердин түп нускалары;

4) эмгек китепчесинин түп нускасы;

5) жогорку окуу жайын өнүктүрүүнүн перспективдүү планы;

6) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген квалификациялык талаптарды ырастоочу башка документтер.

Ушул пункттун 3, 4-пунктчаларында көрсөтүлгөн документтердин түп нускалары илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адам ресурстарын башкаруу боюнча түзүмдүк бөлүмүнүн жооптуу кызматкери күбөлөндүргөндөн кийин талапкерге кайтарылып берилет.

Кызмат ордуна дайындоо жөнүндө сунушта "улуттук" деген статусу бар мамлекеттик жогорку окуу жайынын жетекчисинин кызмат ордуна дайындоо үчүн сунушталган талапкердин ишкердик жана жеке сапаттарынын кыскача мүнөздөмөсү берилет.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 23-сентябры, №602***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 19-ИЮНУНДАГЫ №320 "БОРБОРЛОШТУРУЛГАН ИЧҮҮЧҮ СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДОО ЖАНА САРКЫНДЫ СУУЛАРДЫ ЧЫГАРУУ КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРҮНӨ ТАРИФТЕРДИ АНЫКТОО ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Борборлоштурулган суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүн тарифтик жөнгө салуу системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Ичүүчү суу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-июнундагы №320 "Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди аныктоо тартибинде:

– 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу ишканалары (уюмдары) табигый монополиянын субъекттери болуп саналат жана мамлекеттик жөнгө салынууга тийиш.";

– 7-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"7. Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтер экономикалык негизделген өздүк нарктан (иш жүзүндөгү же пландык чыгымдардан) жана керектөөчүлөргө көрсөтүлүүчү кызматтардын зарыл болгон деңгээлин колдоо жана эл аралык финансылык институттардан алынган кредиттер жана займдар боюнча карыздык милдеттенмелерди аткаруу үчүн, негизги фонддорду модернизациялоого, реконструкциялоого жана реабилитациялоого өздүк каражаттарды инвестициялоо үчүн резервди түзүү, суу менен камсыздоочу ишканалардын (уюмдардын) жамаатына жамааттык келишимге ылайык, бирок Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык мурдагы календардык жыл үчүн инфляциянын иш жүзүндөгү деңгээлинен төмөн эмес материалдык-социалдык жеңилдиктерди берүү үчүн жетиштүү кирешенин белгилүү өлчөмүнөн аныкталат.";

– 8, 9-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын аймактык бөлүмү менен макулдашылган тарифти төмөнкү 3 категорияга дифференциациялоого укуктуу:

1-категория – жеке жактар (калк), жеке ишкерлерден тышкары;

2-категория – бюджеттик уюмдар;

3-категория – менчигинин түрүнө жана баланстык таандыктыгына карабастан башка керектөөчүлөр.

Же төмөнкү эки категорияга:

1 -категория – жеке жактар (калк), жеке ишкерлерден тышкары;

2 -категория – менчигинин түрүнө жана баланстык таандыктыгына карабастан башка керектөөчүлөр.

9. Тарифтердин наркын эсептөө төмөнкү формула боюнча жүргүзүлөт:

$P = Z1 / V + (In * (Z1 / V) / 100)$,

мында:

P – бир куб. метр ($м^3$) үчүн суу менен камсыздоо жана (же) саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө тариф;

Z1 – ушул Тартиптин 20-пунктуна ылайык чыгымдар;

V – бардык керектөөчүлөр тарабынан суу менен камсыздоо жана (же) саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүн керектөөнүн пландалган көлөмү куб метр ($м^3$) менен (болжолдонгон кошуулары эске алуу менен мурдагы мезгилдин иш жүзүндөгү көлөмдөрүнүн негизинде же керектөөнүн жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилген ченемине ылайык);

In – ушул Тартиптин 7-пунктунда каралган чыгымдарды жабууну камсыз кылуучу пайданын ченеми.

Тарифти эсептөө жөнгө салынуучу кызмат көрсөтүүлөрдүн ар бир түрү боюнча өзүнчө жүргүзүлөт.

Өзүнчө эсепке алуу бухгалтердик эсептин маалыматтарынын негизинде жүргүзүлөт.";

– 10-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) ишкердик иши жүргүзүү үчүн борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана (же) саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүн ири көлөмдө пайдаланган менчигинин формасына жана баланстык таандыктыгына карабастан башка керектөөчүлөр үчүн белгиленген тарифке карата жогорулатылган коэффициентти.

Тарифке карата жогорулатылган коэффициент колдонулуучу мындай керектөөчүлөрдүн тизмеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан аныкталат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын чечими боюнча жогорулатылган коэффициент борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнө же болбосо ушул кызмат көрсөтүүлөрдүн бирине карата колдонулушу мүмкүн.

Коэффициенттин диапазону 1.0ден (негизсиз) жана 3.0гө чейинки (максималдуу уруксат берилген жогорулатуу) чекте аныкталат.

Жогорулатылган коэффициент колдонулган учурда ичүүчү суу менен камсыздоо жана (же) саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акыны эсептөө керектелген кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүн тарифке (1 $м^3$ үчүн) жана жогорулатылган коэффициенттин өлчөмүнө көбөйтүү аркылуу жүргүзүлөт.";

– 14-пункттагы "9" деген цифра "12" деген цифрага алмаштырылсын;

– 15-пункттагы "10", "9" деген цифралар "14", "12" деген цифраларга алмаштырылсын;

– 20-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"20. Борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн өздүк наркы төмөнкү беренелер боюнча түзүлөт:

1) материалдык чыгымдар;
2) технологиялык максаттагы отун жана энергия;
3) эмгек акы төлөөгө чыгымдар;
4) социалдык камсыздандыруу боюнча чегерүүлөр;
5) негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин амортизациясы;
6) негизги каражаттарды оңдоо;
7) транспорттук чыгымдар;
8) административдик чыгымдар;
9) цехтик чыгымдар;
10) жалпы чарбалык чыгымдар.";

– 25-пункт "эксплуатациялоо мөөнөтүнө жараша" деген сөздөрдөн кийин "жеке каражаттардын эсебинен сатып алынган, акысыз негиздеги (грант)" деген сөздөр менен толуктасын;

– 29-пункттун 4-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4) суу менен камсыздоонун жана (же) саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын эксплуатациялоого байланышкан башка уюмдар аткарган жумуштарга жана (же) кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө чыгымдар;";

– 30-пункттагы "15 пайызын" деген сөздөр "15 пайызга чейинкисин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 31-пункттагы "(КММ, покрышкалар, аккумуляторлор, запастык бөлүктөр, оңдоо)" деген сөздөр алып салынсын;

– 32-пунктта:

биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"32. Административдик чыгымдар беренесинде административдик-башкаруу персоналын (жетекчилик, бухгалтерия, юридикалык кызмат, кадрдык кызмат ж.б.) күтүүгө байланышкан чыгымдар чагылдырылат, анын ичинде:";

1-пунктчадагы "Эмгек акы төлөөгө чыгымдар" беренесинде" деген сөздөр "ушул Тартиптин 23-пунктунда" деген сөздөргө алмаштырылсын;

5-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) банктын кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө (алышбериш эсебин ачуу жана жүргүзүү, акча каражаттарын которуу үчүн комиссиялык төлөмдөр ж.б.);";

10-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"10) суу менен камсыздоонун жана (же) саркынды сууларды чыгаруунун борборлоштурулган системаларын ижарага алууга байланышпаган ижара акысы;";

– төмөнкүдөй мазмундагы $32^1$-пункт менен толуктасын:

"$32^1$. Цехтик чыгымдар, аларга төмөнкүлөр кирет:

– цехтин башкаруу аппаратын жана башкаруу аппаратына кирбеген кызматкерлердин эмгек акысын төлөө жана социалдык камсыздандырууга чегерүүлөр боюнча чыгымдар;

– эмгекти коргоо чыгымдары;

– баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтердин эскириши;

– жабдууларды күтүү жана эксплуатациялоо чыгымдары;

– өндүрүштүк эмес чыгымдар.

Цехтик чыгымдар эреже катары товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) ар кандай түрлөрүнүн ортосунда өндүрүштүк жумушчулардын эмгек акысынын, жабдууларды күтүү жана эксплуатациялоо чыгымдарынын суммасына жана чийки заттын, материалдардын жана жарым фабрикаттардын наркы болбостон негизги чыгымдардын суммасына пропорционалдуу бөлүштүрүлөт.";

– 33-пунктта:

3, 13–18, 21-пунктчалар күчүн жоготту деп таанылсын;

11-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"11) муниципалдык менчиктеги суу менен камсыздоонун жана (же) саркынды сууну чыгаруунун борборлоштурулган системаларына же алардын айрым объекттерине карата ижара акысы;";

– 35-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"35. Суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу ишканаларын (уюмдарын) чыгымдарды азайтууга жана иштин натыйжалуулугун жогорулатууга дем берүү төмөнкүлөр аркылуу чыгымдарды үнөмдөөнүн эсебинен кошумча пайданы алуу жана колдонуу мүмкүндүгүн берүү аркылуу жүргүзүлөт:

борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн бир кыйла натыйжалуу методдорун жана технологияларын ишке киргизүү;

конкурстук (тендердик) жол-жоболорду жүргүзүүнүн натыйжасында акча каражаттарын сарамжалдуу пайдалануу;

ченемдик технологиялык (техникалык) чыгымдарды (жоготууларды) азайтуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү;

эмгекти уюштуруунун алдыңкы методдорун ишке киргизүү;

энергияны жана ресурстарды үнөмдөөчү технологияларды ишке киргизүү;

чыгымдарды кыскартуу жана оптималдаштыруу боюнча башка иш-чараларды жүргүзүү.

Суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу ишканалары (уюмдары) тарабынан алынган чыгымдарды үнөмдөө жүргүзүлгөн иш-чаралар боюнча экономикалык негиздөө монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө берилген учурда оптималдаштыруучу иш-чараларды жүргүзүүгө чыгымдарды актоо мөөнөтү бүткөндөн кийин үч жыл аяктаганга чейин чыгымдарды үнөмдөө түзүлгөн мезгилдин ичинде тарифтерди эсептөөдө эске алынбайт (чыгымдарды калькуляциялоо үнөмдөөнүн болушун эске албастан жүргүзүлөт).

Чыгымдарды оптималдаштыруунун же борборлоштурулган ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызмат көрсөтүүлөрүнүн бир кыйла натыйжалуу методдорун жана технологияларын колдонуунун натыйжасында кошумча пайданы алууда ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу ишканасы (уюму) үнөмдөлгөн сумманы жаңы өндүрүштүк активдерди түзүүгө, өндүрүштүк активдерди кеңейтүүгө, калыбына келтирүүгө, жаңыртууга, колдоого, реконструкциялоого жана техникалык кайра жабдууга жумшайт, ошондой эле үнөмдөлгөн сумманы чыгымдарды үнөмдөөдөн алынган чоңдуктун 10 пайызынан ашпаган суммада кызматкерлерге сый акыны төлөөгө жумшоого укуктуу.";

– төмөнкүдөй мазмундагы $38^1$-пункт менен толуктасын:

"$38^1$. Борборлоштурулган суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу кызматтарын көрсөтүү үчүн тарифтерди аныктоо жана колдонуу тартибин бузуулардын түрлөрү жана ушул Тартипти бузгандыгы үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 "Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобонун 6-бөлүмүндө аныкталган.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-сентябры, №608***

## ӨЗГӨЧӨ УКУКТУК РЕЖИМДЕГИ ЖАНА СТАТУСТАГЫ "ТАМЧЫ" АТАЙЫН ФИНАНСЫЛЫК ИНВЕСТИЦИЯЛЫК АЙМАГЫН БАШКАРУУ БОЮНЧА КЕҢЕШТИ ТҮЗҮҮ ЖАНА АНЫН ИШИН УЮШТУРУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Өзгөчө укуктук режимдеги жана статустагы "Тамчы" атайын финансылык инвестициялык аймагы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Өзгөчө укуктук режимдеги жана статустагы "Тамчы" атайын финансылык инвестициялык аймагын башкаруу боюнча кеңешти (мындан ары – Кеңеш) түзүү жана анын ишин уюштуруу тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Министрликтер, мамлекеттик комитет, административдик ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар Кеңештин ишине көмөк көрсөтсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-сентябры, №609***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН СОКУЛУК РАЙОНУНУН МАНАС АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “ӨНӨР ЖАЙДЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГООНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун Манас айыл аймагында индустриялык-логистикалык борбор жана автосалон куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн 6-пунктуна, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 23-майындагы №01-12/932 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 19-майындагы №01-14-23 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун Манас айыл аймагындагы №187 жана №188 контурларда жайгашкан, муниципиалдык менчиктеги жалпы аянты 41,7 га сугат айдоо жер тилкеси “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Сокулук районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөөнү;

2) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

3) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

4) курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоону эске алуу менен Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жаатындагы мыйзамдарына ылайык жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесине шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

5) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш- чараларды жана тийиштүү аймакта кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо боюнча колдонмону сактоону;

6) Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык тарыхый-маданий мурас объекттерин күтүүнү жана коргоону, көрсөтүлгөн жер тилкесинде казуу жана курулуш иштерин жүргүзүүдө археологиялык көзөмөл үчүн адис-археологду тартууну;

7) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда, аларды алып коюуну жана баштапкы абалга келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

8) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинин аянтын калыбына келтирүүнү, асылдуулугу төмөн жерлерге талдоо жүргүзүүнү жана аларды айыл чарба жүгүртүүсүнө киргизүүнү;

9) “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолуна бөлүнгөн тилкени сактоону.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 24-сентябры, №614***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 3-МАРТЫНДАГЫ №115 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕНЕМ ЖАРАТУУ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРГА ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН АТКАРУУ ОРГАНДАРЫНА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 31-беренесин ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарынын тизмесинде:

– 31-пункттун 6-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“6) кадастрдык пландын формасын;”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 25-сентябры, №615***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН НООКАТ РАЙОНУНДАГЫ №5462 ШАЙЛОО УЧАСТКАСЫНЫН ДАРЕГИН ӨЗГӨРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13-1-беренесин, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча комиссиясынын 2025-жылдын 28-июлундагы №41 токтому менен бекитилген Шайлоо округдары менен шайлоо участокторунун схемаларын жана чек араларын башкаруу тартиби жөнүндө жобону жетекчиликке алып, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Ноокат районундагы №5462 шайлоо участогунун дареги А. Хажимаматов көчөсү, 30-үйүнүн дарегинен Х. Турсункулов көчөсү, 1-үйүндө жайгашкан Жаңы-Ноокат айылдык маданият үйүнө өзгөртүлсүн.

**2.** Ноокат аймактык шайлоо комиссиясы Жаңы-Ноокат айыл өкмөтү менен биргеликте шайлоочулардын арасында шайлоо участкасынын дарегинин өзгөртүлгөндүгү тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

**3.** Бул токтом “Эркин-Тоо” гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**5**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 19-сентябры, №75***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ШАЙЛООЛОРДУ ЖАНА РЕФЕРЕНДУМДАРДЫ ДАЯРДОО ЖАНА ӨТКӨРҮҮДӨ ПАЙДАЛАНЫЛУУЧУ АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМАЛАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУ, ТЕХНИКАЛЫК ТЕЙЛӨӨ ЖАНА ЖАҢЫРТУУ БОЮНЧА КЫЗМАТТАРДЫ КӨРСӨТҮҮЧҮ ТЕХНИКАЛЫК ОПЕРАТОРДУ АНЫКТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жүктөлгөн функцияларды, максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруунун алкагында, Кыргыз Республикасында бардык түрдөгү шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүүдө пайдаланылуучу автоматташтырылган маалыматтык системаларды иштеп чыгуу, техникалык тейлөө жана жаңыртуу процессин натыйжалуу жана үзгүлтүксүз уюштуруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 12-сентябрындагы №258 “Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 17-мартындагы №91 “Мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө санариптик трансформацияны мындан ары өркүндөтүү чаралары жөнүндө” Жарлыгына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Жарлыгынын 1-пунктунун 7-пунктчасын жетекчиликке алып, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4 жана 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын алдындагы “Кызмат” мамлекеттик мекемеси төмөнкү кызматтарды көрсөтүүчү техникалык оператор катары аныкталсын:

– Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүүдө пайдаланылуучу автоматташтырылган маалыматтык системаларды иштеп чыгуу, техникалык тейлөө жана жаңыртуу боюнча;

– шайлоочулар жана референдумга катышуучулар жөнүндө маалыматтардын, алардын биометрикалык жана жеке маалыматтарынын негизинде шайлоочулардын жана референдумга катышуучулардын алдын ала тизмелерин түзүп, Шайлоочулардын бирдиктүү каттоо системасына жүктөө боюнча;

– шайлоочулар жөнүндө маалыматтарды Кыргыз Республикасынын Калктын мамлекеттик жарандык реестриндеги маалыматтардын негизинде Шайлоочулардын бирдиктүү каттоо системасында өз убагында актуалдаштыруу боюнча;

– шайлоочуларды жана референдумга катышуучуларды идентификациялоо үчүн жабдуулардын комплекттерин даярдап, шайлоочулардын биометрикалык маалыматтары камтылган тизмелерди жүктөө жана кийинчерээк жабдууларды Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына өткөрүп берүү боюнча.

**2.** Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар башкармалыгы ушул токтомдун 1-пунктунда белгиленген кызматтарды көрсөтүү боюнча “Кызмат” мамлекеттик мекемеси менен түзүлө турган келишимди даярдап, бекитүүгө киргизсин.

**3.** Бул токтом “Эркин-Тоо” гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына, “Кызмат” мамлекеттик мекемесине жана аймактык шайлоо комиссияларына жөнөтүлсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 19-сентябры, №76***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ БАЗАР-КОРГОН, СУЗАК ЖАНА КАДАМЖАЙ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу, депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жана бош калган мандаттарды жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

1) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-пунктунун жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз бергендигине байланыштуу жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери:

– Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 9-сентябрындагы №9, №10 жана 2025-жылдын 18-сентябрындагы №11 Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Базар-Коргон шаардык кеңеши боюнча;

– Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 15-сентябрындагы №10 Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Сузак айылдык кеңеши боюнча;

– Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 8-сентябрындагы №16 Баткен облусунун Кадамжай районунун Майдан айылдык кеңеши боюнча.

2) Жеке арызынын негизинде депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерди чыгаруу жөнүндө Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Сузак айылдык кеңеши боюнча Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 15-сентябрындагы №11 чечими.

3) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун негизинде, бош калган мандаттарды тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган, шайланган депутаттан кийинки талапкерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери:

– Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 15-сентябрындагы №11 Жалал-Абад облусунун Сузак районунун Сузак айылдык кеңеши боюнча;

– Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 8-сентябрындагы №17 Баткен облусунун Кадамжай районунун Майдан айылдык кеңеши боюнча.

4) "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун жана 11-бөлүгүнүн негизинде, Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районунун Базар-Коргон шаардык кеңеши боюнча бош калган мандатты саясий партиянын тизмесинде шайланган депутаттардан кийинки талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 9-сентябрындагы №9, №10 жана 2025-жылдын 18-сентябрындагы №11 чечимдери.

Аймактык шайлоо комиссияларынын кабыл алынган чечимдери "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин талаптарына ылайык келет.

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет.

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

– Базар-Коргон, Сузак жана Кадамжай аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештеринин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечими 1-тиркемеге ылайык;

– Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерди чыгаруу боюнча чечимдери 2-тиркемеге ылайык;

– Базар-Коргон, Сузак жана Кадамжай аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарын тизмеде катталган талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

**3.** Базар-Коргон жана Кадамжай аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**4**. Бул токтом "Эркин-Тоо" гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5**. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**6**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 19-сентябры, №74***

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 19-сентябрындагы*
*№74 токтомуна 1-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери

| № | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин номери жана датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. |
|---|---|---|---|
| ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ | | | |
| Базар-Коргон району | | | |
| 1. | Базар-Коргон АШК, №9, 09.09.2025-ж. (03.09.2025-ж., өз арызы) | Базар-Коргон шаардык | Шарипов Махсудбек Номанжанович (7) "Жаңы Кыргызстан" депутаттык фракциясы |
| 2. | Базар-Коргон АШК, №10, 09.09.2025-ж. (04.09.2025-ж., өз арызы) | Базар-Коргон шаардык | Абылов Бектур Сатарбекович (22) "Жаңы Кыргызстан" депутаттык фракциясы |
| 3. | Базар-Коргон АШК, №11, 18.09.2025-ж. (12.09.2025-ж., өз арызы) | Базар-Коргон шаардык | Тохтасинов Сирожиддин Акрамжонович (4) "Жаңы Кыргызстан" депутаттык фракциясы |
| Сузак району | | | |
| 4. | Сузак АШК, №10, 15.09.2025-ж. (11.09.2025-ж., өз арызы) | Сузак айылдык (№3 Москва шайлоо округу) | Юлдашева Гулнара Рахмановна |
| БАТКЕН ОБЛУСУ | | | |
| Кадамжай району | | | |
| 5. | Кадамжай АШК, №16, 08.09.2025-ж. (04.09.2025-ж., өз арызы) | Майдан айылдык (№1 Кара-Жыгач шайлоо округу) | Кудайкулов Ренат Паязович |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 19-сентябрындагы*
*№74 токтомуна 2-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссиясынын чечими

| № | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин номери, датасы жана чечимге негиз | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А. |
|---|---|---|---|
| ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ | | | |
| Сузак району | | | |
| 1. | Сузак АШК, №11, 15.09.2025-ж. (12.09.2025-ж., өз арызы) | Сузак айылдык (№3 Москва шайлоо округу) | Юлдашева Арапатхан Тургуналиевна |
| 2. | Сузак АШК, №11, 15.09.2025-ж. (12.09.2025-ж., өз арызы) | Сузак айылдык (№3 Москва шайлоо округу) | Сатвалдиева Хапизахон |

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 19-сентябрындагы*
*№74 токтомуна 3-тиркеме*

### Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылгандыгы жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери

| № | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы |
|---|---|---|---|---|
| ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ | | | | |
| Базар-Коргон району | | | | |
| 1. | Базар-Коргон АШК, №9, 09.09.2025-ж. (05.09.2025-ж., өз арызы) | Базар-Коргон шаардык | Юсупов Зайнобидин Абдумухтарович (10) "Жаңы Кыргызстан" саясий партиясы | Жеке ишкер |
| 2. | Базар-Коргон АШК, №10, 09.09.2025-ж. (08.09.2025-ж., өз арызы) | Базар-Коргон шаардык | Масиров Тилек Алибаевич (25) "Жаңы Кыргызстан" саясий партиясы | Жеке ишкер |
| 3. | Базар-Коргон АШК, №10, 09.09.2025-ж. (15.09.2025-ж., өз арызы) | Базар-Коргон шаардык | Мамануров Хасанбай Мамажанович (13) "Жаңы Кыргызстан" саясий партиясы | Жеке ишкер |
| Сузак району | | | | |
| 4. | Сузак АШК, №11, 15.09.2025-ж. (15.09.2025-ж., өз арызы) | Сузак айылдык (№3 Москва шайлоо округу) | Марипжанов Аслидин Марипжанович | Жалал-Абад облустук стоматологиялык поликлиникасында тиш дарыгер |
| БАТКЕН ОБЛУСУ | | | | |
| Кадамжай району | | | | |
| 5. | Кадамжай АШК, №17, 08.09.2025-ж. (05.09.2025-ж., өз арызы) | Майдан айылдык (№1 Кара-Жыгач шайлоо округу) | Тагаев Мирзаакмат Абдиразакович | Үч-Коргон ЖДПБнын Кара-Жыгач бөлүмүндө медбрат |

## ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

*Коросева Анна Петровнага тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы ЧА №364 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
М.б.

*Омуралиев Мейманбек Шабданбековичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 31141510 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
Н-579

*Ербол кызы Алтынайга тиешелүү студенттик билети №2202.05026 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
Н-581

*В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №851818 (от 20.06.2019 г.) и договор купли-продажи №2-965 (от 31.05.2005 г.) на имя Шамузовой Меяны Аманбаевны считать недействительным*
Н-582

*В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №131991 (23.06.2009 г.) на имя Жунусова Ысмайыла Ашимовича считать недействительным*
Н-584

*Өзгөн районунун тургуну Жоробеков Абдрасулга таандык мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 24527812 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
П/П 888

*Өзгөн районунун тургуну Калманбетов Осмонали Абдыразаковичке таандык жер үлүшүнө болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгүнүн иден.коду 5-03-09-0009-0236 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
П/П 100

*ОсОО «Бир туган КЖ» ИНН 01905202510059 сообщает о своей ликвидации. Претензии принимаются в течение двух месяцев с момента публикации по адресу: г. Бишкек, Октябрьский район, микрорайон Тунгуч, д. 71, кв. 23 или по тел.: (996 555)95-11-58.*
М.б.

*В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей серия КЗД №0489 на имя Исакова Кадырбека считать недействительным.*
П/П 118.

*Хаджиева Аселай Рыскуловнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 29065658 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
М.б.

*В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №1556 (от 30.09.1998 г.) на имя Тен Анастасии Алексеевны считать недействительным*
М.б.

*В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Таалайбеков Нуржан Таалайбекович код ОКПО 31308281 считать недействительным.*
М.б.

*Беделбаева Нурзат Бейшеналиевнага тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 30327164 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
М.б.

*Айылчиев Милиян Зарлыкбековичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актылары: Ч №968768 (25.02.2021-ж.), Ч №968769 (25.02.2021-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
Н-586

*Байсакова Айгуль Тургуналиевнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы Ч №794528 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
Н-587

*Кадамжай районуна караштуу Ак-Турпак айыл аймагынын Жаңы-Жер айылынын тургуну Исаков Назирбек Урайимовичке тиешелүү №0044130 жер участогуна (үлүшүнө) жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
П/П 029

*Өзгөн районунун тургуну Ибрагимов Шухратжан Турсунбаевичке тиешелүү мамлекеттик каттоо жөнүндөгү жеке ишкердик күбөлүгүнүн код ОКПОсу 28027874 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
П/П 025

*Баткен районунун Самаркандек айылынын тургуну Айдаров Каныбекке таандык сериясы Б №63404 жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
Н-589

*Саркишев Келсинбек Дыйканбаевичке тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү №192376 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
Н-590

*Өзгөн районундагы Куршаб айыл өкмөтүнүн Шагым айылына тиешелүү жер участогун убактылуу пайдалануу укугу жөнүндөгү мам.каттоо актысы сериясы Б №091575 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
П/П 755

*Кутманалиева Гүлжамал Эргешбековнага таандык Талас ш., О.Өмүрбеков көч., 119 жеке турак жайдын техникалык паспорту идент.коду 6-05-02-0005-0313 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.*
К/т

*Абдулаева Айгул Хасанбаевнага тиешелүү 21.10.2008-жылы берилген Ч №157888 жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам.актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
П/П 047

*Жумгал районунун Чаек айылынын тургуну Ашыралиев Омурбек Таштановичке таандык сериясы AT-IX №0756106 эмгек китепчеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
П/П 061

*Карасартова Роза Абдуллаевнага тиешелүү сатуу жана сатып алуу келишими №82 (28.06.1994-жылы берилген) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын*
Н-594

